И. Төкөлдөшов

# ТОО ГҮЛДӨРҮ



ИШЕНБАЙ ТӨКӨЛДӨШОВ

# ТОО ГҮЛДӨРҮ



„КЫРГЫЗСТАН" БАСМАСЫ
ФРУНЗЕ 1979

С(Кирг) 792С Индекс ББК 85.4
Т 51

**Төкөлдөшов Ишенбай.**

**Т 51** Тоо гүлдөрү. — Ф.: Кыргызстан, 1979. — 80 бет.

Нарын областтык Муратбек Рыскулов атындагы музыкалуу драма театры аскасы асман тиреген бийик тоолордун арасынан орун алган. Театрда ысмы көпчүлүккө кеңири белгилүү сахнанын чеберлери, сүйүктүү артисттер өсүп чыкты.

Бул китепче, атайын изилдөө эмес. Тек гана ушул театрда көп жылдар бою директор болуп иштеген адамдын баамдагандары.

792С
ББК 85.4

Т $\frac{80105—61}{М\ 451(17)—78}$ 232.78.4907000000

© «Кыргызстан» басмасы, 1979-ж.

# КИРИШ СӨЗ

Октябрь революциясына чейин кыргыз эли театр дегенди билген эмес. Азыр болсо Кыргызстанда бир нече театр, мамлекеттик филармония иштейт. Ал театрлардын бири Нарын областтык музыкалуу драма театры. Театрдын басып өткөн чыгармачылык жолу кыска болсо дагы, анын эл үчүн кылган кызматы зор, көп багыттуу. Ал кыска мөөнөттүн ичинде элибиздин идеялык жактан тарбиялоодо, алардын эстетикалык таламдарын канааттандырууда жыл өткөн сайын мезгил менен арымдаш маданий очок катары маанисин күчөтүүдө. Ж. Шералиев, С. Сатыбалдиева, С. Андабеков, Б. Алиев, К. Медетбеков, С. Көмөчов, А. Дюшеев, Б. Асанкошоева, Д. Сариев, Ж. Самаков, К. Карасартова, А. Бердибаев өңдүү артисттер өздөрүнүн көп жылдык чыгармачылык эмгектери менен эл арасында кадыр-баркка ээ. Булар республикада театр өнөрүн жөнгө салууда жана уюштурууда өз салымдарын кошкон мыкты устаттар да болуп эсептелишет.

Кийинки жылдарда аткаруучулук чеберчиликтери менен элге таанымал, таланттуу жаш артисттер өсүп чыкты. Алар: С. Чечейбаева, Т. Мамбетов, Т. Жумакаева, А. Абдыласов, К. Атамкулова, Г. Абдрахманова, Д. Баратбаева жана башкалар. Булардын көпчүлүгү жогорку билимге ээ. Театрдын багыты драмалык чыгармалар. Ошого карабастан жаратылыш берген, созолонтсо тоо жаңырткан жагымдуу үндөрү, уккулуктуу ырлары менен ооздон-оозго өткөн элге белгилүү элден чыккан нукура ырчылар, обончулар да бар. Алар: Сагыйпа Чечейбаева, Асанбек Абдыласов, Дүйшө Сариев, Сейтказы Андабеков, Тамара Жумакаевалар. Булар катышпаган бир да радио берүү, телекөрсөтүүлөр болбойт десе жаңылышпайбыз. Бул таланттардын шыгына, жөндөмүнө өз үлүшүн, көп жылдык тажрыйбасын арнап, аларды чыгармачылыкка тарбиялоодо, Кыргыз ССРинин эл артисти, композитор, театрдын музыка бөлүмүнүн башчысы Жумамүдүн Шералиевдин да эмгеги зор.

Театрдын негизи — бул репертуар, демек ал театрдын жүзү, багыты, саясаты. Репертуар — ошол театрдын келечеги тарыхы. Азыр театрдын репертуарында ондогон спектаклдер бар. Булардын басымдуу көпчүлүгү кыргыз драматургдарынын чыгармалары. Алардын ичинде белгилүү драматургдар: Касымалы Жантөшевдин «Курманбек», Токтоболот Абдумомуновдун «Ашырбай», Лениндик сыйлыктын лауреаты Чыңгыз Айтматовдун повесттеринен инсценировкалаштырылган «Жамила» жана «Кызыл жоолук жалжалым», Бексултан Жакиевдин «Миң кыял», Ж. Садыковдун «Жукеев-Пудовкин» жана башкалар бар.

Театрдын репертуардык негизги милдети — оригиналдуу кыргыз репертуарын түзүү жана жергиликтүү драматургиянын өнүгүшүнө олуттуу жардам берүү болуп саналат. Бул жагынан чыгармачылык коллектив ийгиликтүү эмгектеништи, ал жакшы натыйжаларды берди.

Элибизди интернационалдык духта тарбиялоодо репертуардын көп улуттуулугу зор мааниге ээ. Мына ушул багытта театр аз эле мезгилдин ичинде бир тууган элдердин бир нече драмалык чыгармаларын сахнага коюп, көрүүчүлөргө тартуулады. Алар — казак драматургдары: А. Тажибаевдин «Портрет», К. Мухамеджановдун «Беш бармак даяр», хакас драматургу М. Килчичаковдун «Аюу колот», тажик драматургу Улуг-Заденин «Нурдуу Бермет», башкыр драматургу Мустай Каримдин «Ай тутулган түндө» каракалпак драматургу Кожониязовдун «Сүйбөгөнгө сүйкөнбө» жана башкалар. Классикалык чыгармалардан Гоголдун «Үйлөнүүсү», «Текшерүүчүсү», Шекспирдин «Отеллосу», В. Вишневскийдин «Оптимисттик трагедиясы» коюлду.

Театрдын концерттик группасы жайдын аптап күндөрүндө, кыштын кычыраган ызгаар суугунда болсун алыскы Ак-Сай, Арпа, Кара-Кужур кыштоо, жайлоолорунда болушуп, тоо койнундагы малчыларды маданий жактан тейлешет.

Биз бул китепте театрдын адеп уюшулганынан тартып бүгүнкү күнгө чейинки айрым бир спектаклдер тууралуу, айрым аткаруучулардын чыгармачылык чеберчиликтери жалпы эле чыгармачылык коллектив жөнүндө баян этмекпиз.

## ТЕАТРДЫН БАСЫП ӨТКӨН ЖОЛУ

1935-жылы Кыргызстандын ар кайсы булуң-бурчтарында колхоз-совхоз театрларынын уюшулушу республикада драма театрларынын өсүп өнүгүшү үчүн зор түрткү болду. 1937-жылдын аяк ченинде Нарын колхоз-совхоз театры уюшулат да, 1939-жылы Москвада болуп өткөн кыргыз адабияты менен искусствосунун декадасынан кийин, Жумгал жана Нарын колхоз-совхоз театрларынын чыгармачылык коллективдери бириктирилип, областтык драма театры пайда болот.

Театрдын директорлугуна Р. Курманалиев, көркөм жетекчи жана режиссерлугуна А. Көбөгөнов дайындалат. Мурда Жумгал колхоз-совхоз театрынын көркөм жетекчиси болуп иштеп, чыгармачылык иште аздыр-көптүр тажрыйбага ээ А. Көбөгөнов сахна өнөрүнүн атайы мектебин бүтүрбөсө да театр өнөрүнө ышкыбоздордун тобу менен алгач Ж. Бөкөнбаевдин «Токтогул» аттуу музыкалуу драмасын коёт.

Чыгармачылык коллектив өз алдыларына элдин эркиндиги, теңдиги үчүн күрөшкөн, карапайым, бирок улуу акын Токтогулдун образын, акын жашаган чөйрөнү, замандын агымын ачып көрсөтүү максатын коюшкан. Ошентип, айрым бир кемчиликтерине карабай «Токтогул» спектакли өз учурунда көрүүчүлөрдүн купулуна толуп, чыгарманын идеялык-көркөмдүк

мазмуну мезгилдин талабына ылайык чечилет. Спектаклдеги кемелине келип, толук кандуу чыккан образдардын бири — А. Темиров жараткан Токтогулдун образы. А. Темиров жараткан Токтогул — эл менен эриш-аркак жашаган, элдин мүдөөсүн көздөгөн, карапайым, бирок күрөш үчүн жаралган улуу адам. Артисттин кол ойнотуп комуз черткени, созолонтуп шаңдуу ырдаганы акындын образын ачууда чоң роль ойногон.

...Жупуну кийинген, бирок көзгө сүйкүм көрүнгөн Токтогул — А. Темиров алыска көз жиберип, терең ойдо турганы кудум акындын кебете-кешпирин, ойтүйүмүн даана элестетет. Үнсүз-сөзсүз алыска караган анын ошол турушунда улуу акындын бийиктигин, олуттуулугун көрүүчү жазбай баамдайт. Эл башына түшкөн кайгы-касирет Токтогулдун жанына батып, чоң кайгынын кучагында жүрсө да, аны актер сабырдуу, акыл-эстүү, ар сөзүн салмак менен айткан адамдын образын көз алдыга тартып берет. Акындын даана акылы, прогрессчил багытына, гумандуулугуна эзүүчү таптын өкүлдөрү туруштук бере албайт. Актер А. Темиров ар бир сөздүн мазмунун терең ачып, таасирдүү сүйлөйт. Анын салмактуу кыймыл-аракетинен, кебете-кешпиринен, көз карашынан келечекке ой жүгүрткөн аң-сезими, акындын руханиси ачык сезилет.

Акындын энеси Бурманын ролун Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисткасы С. Сатыбалдиева аткарган. Артиска түзгөн бул образ нары адамгерчиликтүү, нары мээрбан, эң негизгиси — акылдуу эненин өлбөсөчпөс дүйнөсүн берет.

Албетте, жаш коллектив үчүн бул спектаклди сахнада көрсөтүү оңойлукка турбады. Деген менен чыгармачыл коллектив койгон «Токтогул» спектакли көркөмдүк сапаттары толук жеткиликтүү, ойдогудай чыккан, телегейи тегиз десек аша чапкандык болор эле. Анын кандайдыр бир деңгээлде жетишпеген мү-

чүлүш жактары да болгон. Андай мүчүлүштүктөр биринчи иретте образдардын жалпы системасын көргөзүүдө режиссёрдук жана актёрдук чеберчиликтин жетишсиздигине байланыштуу эле. Бирок «Токтогул» спектакли сахнанын сырларын өздөштүрүү жолунда алгачкы тажрыйба мектеби болгон.

Нарын драма театры койгон экинчи бир спектакль К. Эшмамбетовдун «Саринжи-Бөкөй» пьесасы болду. Пьесанын негизин элдик эпостун материалы түзөт. Чыгарманы сахнага алып чыгып, элдин купулуна толорлук оюнду жаратууда режиссёр А. Көбөгөнов көп иштерди аткарат. Ал режиссёр гана болбостон, пьесадагы башкы каарман Саринжинин да ролун аткарган. Ал эми Берметтин образын түзгөн А. Темиров, Бөкөйдүн образын түзгөн М. Алдаяровдордун ар бири тигил же бул образды ачып берүүдө артисттик чеберчиликтеринин бардык мүмкүнчүлүктөрүн жумшашкан. Ошол себептүү бул артисттер сахнада образдардын өзүнчө бир бүтүн галереясын түзүүгө жетишишкен.

Спектаклде эсте каларлык образдардын бирин таланттуу артист А. Темиров жараткан. Анын каарманы Саринжинин кыйыр тууганы Коңур жеткен митаам, айлакер. Ал Саринжи менен Бөкөйдү ар түркүн айлаамал менен касташтырып коюп, ортодон бийликке жетүүгө умтулган кара ниет адамдын образын түзүп бере алган.

Кийин театр «Саринжиге» кайрадан кайрылып, аны сахналаштырат. Пьесаны А. Боталиев коёт. Бул учурда театрдын чыгармачыл коллективинин профессионалдык деңгээли бир топ жогорулап, калыптанып калган болуучу.

А. Боталиевдин «Саринжисинде» мурунку кемчиликтер: массалык сценалардагы чачырандылык, образдардагы жасалмалуулук, жасалганын мажүрөөлүгү жана башкалар эске алынып, көрүүчүлөрдү ишендире ала турган чындыкка жакындайт. Коллективдин ошол

жылдары койгон чыгармаларынын ичинен К. Маликов менен А. Куттубаевдин «Жаңыл» аттуу эпикалык драмасы театр турмушунда өзгөчө орунда. Актёрдун аткаруусу жүрүп жаткан окуя менен жасалгасы тил табышып, театрдын сахналык маданиятын, чыгармачылык дараметин тааныткан спектаклдердин бири.

«Жаңыл» спектаклинин режиссёру А. Көбөгөновдун айтуусуна караганда, Жаңылдын ролун аткаруучу Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти С. Сатыбалдиеванын чебер оюну спектаклге өзгөчө таасир эткен. Ал өз элинин ар намысын, эркиндигин, теңдигин талашкан баатыр кыргыз кызынын жаркын образын түзүүгө жетишкен. Демек, каруусунда калкан, колунда найза Жаңыл — С. Сатыбалдиева окуянын жүрүшүнө карай бир көңүл күүсүнөн экинчи көңүл күүсүнө өткөндө образдын логикалык байланышын бузбай ишенимдүү аткарып, көрүүчүлөрдүн көңүлүнө уюп каларлык деңгээлге көтөргөн. Ошентип, спектаклде лирика менен трагедиялык учурлар ашташып, ошол аркылуу кейипкердин ички дүйнөсүн, сезим толкундарын көрүүчүлөргө жеткирүүдө артист чоң иш аткарган.

Анын Жаңылы, бир жагынан кыргыз кыздарынын теңдигин, укугун коргоого бел байласа, экинчи жагынан өз элинин көз каранды эместиги үчүн күрөшкөн, айтканынан кайтпаган элдик баатыр кыз катары көрүүчүнүн көңүлүн өзүнө бурган.

Жаңылдын образы биринчи эле көшөгөдө көзгө даана түшөт.

...Жаңылдын айылы. Келин-кыздар кеч курун чогулушуп, шапар тээп жаткан болот. Ошол маалда оюнду бузуп, күйөөлөгөн түлкү жигиттери менен келет. Түлкү — А. Көбөгөнов күчүнө сыйынган зөөкүр болсо да баатыр жигит. Ал кантсе да Жаңылды коркутуп-үркүтүп, болбосо айлын бүтүндөй чаап туруп, аялдыкка алам деп ойлогон кара өзгөй неме:

Майданда басып бактысын,
Олжо катын кылаармын.
Сыймыгын баштан учуруп,
Сууганда көксөөм тынаармын.

Түлкүнүн купуя ушул оюн адегенде аныктап, тактап баамдабаган Жаңыл өзүнчө бушайман:

Таңшып сайрап туруута,
Талга булбул конбоду.
Токтобой соккон тоо жели,
Тагдырым менен ойноду.
Үлпүлдөп үкү сайынып,
Же кыз өмүрүн сүрбөдүм.
Жүрөгүм жанып чер жазып,
Же бир жигит сыйын көрбөдүм.
. . . . . . . . . .
. . . . . . . . . .
Түлкү менменсинип боюн көтөргөн,
Бир элдин мырза жигити.
. . . . . . . . . .
Сен да мени кыз деп келдиң,
Бирок тал чачымдан сыноону,
Тилегим билип, кол берип,
Изат кылып, сыйлоону намыс кылдың окшойт
Эй. Түлкү!.. Башка кыздарга бүткөн назиктик,
таттуу кыял, терең сыр менде да бар.
Эгер жигит менин жайымды билсе,
Какыраган чөлдө жаткан кара ташты да,
эритер элем.

Жаңыл ушинтип кейип турганда Түлкү элге бүлүк салып жатат деген кабарды Акыбек айтып келет. Ошондо Жаңыл кайратына келип элди жоого каршы алып чыгат:

Курган баш тирүү турганда,
Кубатым болчу калкымдан,
Мен кантип туткун берейин?
Журтумдан чырпык кыйдырсам,
Мен эми Жаңыл болбой өлөйүн!

Жаңылдын бул сөзү ант катары угулат. Экинчи көшөгөдө элди чаап, туткун алып бараткан Түлкү Жаңыл-

дын колунан каза табат. Өлүп бара жатып, Жаңылдын алдында ал акыркы сөзүн айтат:

Жаңылжан,
Мен сага чын көңүлүмдү берген элем.
Бирок сүйүүгө жеткирбеди куру намыс.
О армандуу дүнүйө.
Колунан сүйгөнүмдүн өлгөнүмбү?
Жаңыл ушул тапта бир гана:

«Түлкү!» — деп сөз айтат. Ушунун өзүндө баатыр кыздын бүткүл сезим дүйнөсү, махабаты, ошону менен бирге намысы, трагедиясы байкалат. С. Сатыбалдиеванын сымбаты да, кыймыл-аракети, кулакка токтоо доошу, сабырлуу көз карашы Жаңылдын образына ылайык келген. Кейипкердин психологиялык толгонуу учурларын толук жеткирүү менен бирге, анын ар бир сүйлөмдүн логикалык басымын туура түшүнүп айтуусу Жаңылдын бу же тигил сезимин ачууга мүмкүндүк берет.

Жаңыл — С. Сатыбалдиева эл мүдөөсүнөн жогору коюп, өз намысын элдин намысы менен шайкеш чеčнеп, купуя жактырган жигитин өлүмгө дуушар кылса, Түлкү куру намыстын кулу боюнча кала берет да, ошонун айынан өз сүйгөнүнүн колунан каза табат.

Түлкүнүн ролундагы А. Көбөгөнов менен К. Дүйшөналиевдер кейипкердин мүнөзүн толук ачып бере алышкан, демек, алардын оюндары да Түлкүнүн жан-дүйнөсүнө шай келген. Алар түзгөн образ өзүнүн турмушка жакындыгы, жасалма эместиги менен айырмаланган.

Ошентип Нарында «Жаңылдын» коюлушу театр коллективинин чыгармачылык мүмкүнчүлүгүн айгинелеген сахналык көркөм чыгарма катары бааланды.

Театр аз эле убакыттын ичинде кыргыз драматургдарынын ири чыгармаларын сахнага чыгарып, областтын эмгекчилерине жаркын өнөрү, жемиштүү эмгеги менен таанылды. Ал Нарын шаарын турактап, калаа-

нын эмгекчилерине гана оюн көрсөтпөстөн, алыстагы айылдар менен жайлообу, кыштообу, айтор, тоолордогу малчыларга да гастролго чыгып турду.

Жаш театрдын коллективи сахна техникасын өздөштүрүп, профессиялдык багыт алуусуна көптөгөн жагдайлар себеп болду. Нарындыктар өздөрүнүн бардык уюмдаштыруу жана чыгармачылык жумуштары боюнча ал кезде бир топ деңгээлге көтөрүлүп калган Фрунзедеги улуттук драма театрынын тажрыйбасына сүйөнду. Өз учурунда борбордогу кыргыз өнөрүнүн бир топ көрүнүктүү өкүлдөрү жаш коллективдин сахна сырын тереңдеп түшүнүүлөрүнө көп жардам кылышты.

1941-жылы Пржевальск шаарындагы Ысык-Көл областтык кыргыз драма театры жоюлуп, Нарын театрына келип кошулат. Ошентип, Нарында иргелген чыгармачылык күч топтолот. Театрдын режиссёру болуп И. Көкөев, директору болуп Г. Казыбаева дайындалат.

Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында Нарын театры өзүнүн чыгармачылык ишине зор ынтаа, патриоттук жигер менен киришет. Майдан талабына ылайык театр репертуарында совет адамдарынын ажарлуу эмгеги менен эрдиктерин баяндаган чыгармалар коюлуп, мекенге болгон сүйүүнү, жоону жеңүүдөгү зор ишенимди айгинелеген.

Бул мезгилде театр сахнасына Улуу Ата Мекендик согуштун окуяларын баяндаган чыгармалардан К. Жантөшевдин «Өч», К. Эшмамбетовдун «Кара туман» сыяктуу пьесаларын жана патриоттук темада жаңыдан жазылган К. Жантөшевдин «Курманбегин» коюшат. Албетте бул спектаклдер өз учурунда элдин ой мүдөөсүн, тилегин баяндап, алардын сүймөнчүлүгүнө айланган эле.

Кыргыз ССРинин эл артисткасы Алиман Жангорозова ошол учурдагы бир окуяны мындайча баяндайт:

— Биз К. Эшмамбетовдун «Кара туман» деген пьесасын койчубуз. Анда Абдыкалый Темиров Гитлердин ролун ойноочу. Бир жолу Октябрь майрамында парад болуп, артисттер эл алдында роль ойноп өтүштү. Аңгыча ал Гитлердин ролун ойноп жаткан. А. Темировду таш кесекке алып калды. А. Темировду милиционерлер тегеректеп жатышып, араң зорго театрга жеткиришти. Антпегенде эл аны жанчып салмак.

Демек, мунун өзү биринчиден, элдин Гитлерди ушунчалык жек көрө турганынын далили болсо, экинчиден, артист өзүнүн ролун ушунчалык ишенимдүү аткаргандыгында.

Согуш учурундагы ийгиликтүү коюлган спектаклдердин бири — «Курманбек». «Курманбекти» драманын автору К. Жантөшев менен А. Көбөгөнов сахнага алып чыккан.

Спектаклдеги актёрлордун талантына жана чеберчилигине далил образдар — А. Жангорозова ойногон Айганыш менен А. Темиров ойногон Тейитбек. Бул эки образ тең идеялык жана көркөмдүк жагынан жеткилең, бүткөн бир бүтүн образ катары эсте калды. Мында актерлук почерк даана байкалат. Режиссёр менен актердун эмгектеринин шай келишинен улам «Курманбектин» сахналык өмүрү узак болду.

1946-жылы жөндөмдүү режиссер А. Көбөгөнов Фрунзедеги Кыргызстан Мамлекеттик драма театрына чакырылып кетет да, коллектив көркөм жетекчисиз калып, режиссура өнөрү бир топ бөксөрө түшөт. Ошого байланыштуу театрды бир учурда кубанычка бөлөп, профессионалдык өсүшүнө көмөк болгон айрым спектаклдер сахнадан түшүп калат.

Анын үстүнө спектаклдердин профессиялык деңгээли дагы да болсо мүчүлүштүктөрдөн куру эмес эле. Спектаклдерде актердук ансамбль толук сакталбай, актердук жеке-жеке образдардын гана ийгиликтүү чыгышына канааттануу орун алган. Күндөлүк советтик

турмушту чагылдырган көркөм идеялык спектаклдер аз болуучу.

1949-жылы 11-майда областтык драма театры жоюлуп, артисттер ар кайсы театрга бөлүнүп кетишет.

1958-жылы Нарын областтык театр кайрадан уюшулуп, Тянь-Шань областтык музыкалык драма театры деп аталат. Ага Ташкенттеги А. Н. Островский атындагы театр институтунун режиссёрдук факультетин бүтүрүп келген Медербек Назаралиев башкы режиссер болуп дайындалат.

Жогорку билимдүү жаш режиссердун келиши коллективдин шыгына шык кошуп, анын чыгармачылык деңгээлин бир топ көтөрөт. Режиссуранын жетилгендиги менен маданияттуулугу актердун жөндөмдүүлүгүнө таасирин тийгизип, алардын чыгармачылыгынын беделин көтөрөт.

М. Назаралиев артисттер арасында бий, ритмика, практика сабактарын өткөрүп, актердун жүрүш-туруштарын, кыймыл козголуштарын дыкаттап, кийим кечектери менен грим боёлорун учурга тууралап, ага шай келүүсүнө көп көңүл бурган. Ошондон улам чыгармачыл коллектив мурдагы спектаклдерде жиберген мүчүлүштүктөрүн кайрадан карап чыгып, кийинки спектаклдерге башкараак мамиле жасай баштышты. Театрдын чыгармачылык ийгиликтери ар бир кейипкердин мүнөздөрүнүн ачылышынан, сахналык образ түзүүдө актёрлордун ийкемдүүлүгүнөн жана режиссердук интер-претациядан даана байкала берди. Театрдагы мындай жагдай анын өсүү, изденүү, калыптануу багытынын тууралыгын айгинелеп турду.

Ушул арада коюлган спектаклдердин тизмесин карап олтурсак, Нарын музыкалуу драма театры койгон пьесалардын бир тобу комедия жанры экенин байкоого болот. Ооба, мунун өзү алардын чыгармачылык өсүү жолуна көмөк көргөзүп, ошол өсүү жолунун мектеби да болду.

Жаш режиссердун койгон спектаклдеринин ичинен Гоголдун «Үйлөнүүсү» өзгөчө бир орунду ээледи.

«Үйлөнүүнүн» сахналык тарыхы жөнүндө жазылган ондогон эмгектер, аны кандай коюу керек экендигин баяндаган көптөгөн режиссердук кеңештер бар. Падыша заманындагы чиновниктердин коомунун салт-санаасы, адамдардын психологиясын ачкан көркөм адабияттар да жетиштүү. Гоголдун кейипкерлеринин кебете-кешпири чебер сүрөтчүлөр тарабынан далай ирет тартылып, кийим үлгүлөрү да белгилүү. Пьесага, өз учурунда сунуш кылынган жасалгалар да бизге маалым.

Бирок, ошондой болгону менен ар-бир театр даанышман жазуучунун оюн өз тили, өз үнү менен элге жеткирүүгө тырышаары белгилүү эмеспи.

Гоголь өз заманынын трагедиясын күлкү менен бере билген жазуучу жана драматург. Ал: «күлкү — улуу нерсе, күлкү бирөөлөрдүн өмүрү менен байлыгын тартып кетпейт, бирок, айыптуу адам анын алдында коёндой бүжүрөйт» — деп жазган.

«Гоголду сахнага коюш үчүн, алды менен Гоголь жашаган заманга сүңгүп кирип, анан бүгүнкү күндүн көрүүчүлөрүнүн акыл-эсине жеткидей Гоголдук сатира менен юморду кабылдаш керек» — дейт режиссер Медербек Назаралиев.

Режиссердун максаты, идеясы, спектаклдин көркөмдүк жактан чечилиши актердун таланты менен түшүнүктөрүнө байланыштуу экенин эске алсак, М. Назаралиев спектаклдин автору катары купулга толорлук образдар системасынын бирдигине жетишкендигин баамдайбыз. Ал койгон «Үйлөнүү» спектакли өзүнүн декорациялык жасалгалоосу жагынан жупуну, бирок, ой жагынан терең.

Жайбаракат, эч бир максатсыз өтүп жаткан өмүрдүн агымы ар кандай эпизоддордо даана чагылдырып, комедиянын сатиралык угутун өндүрөт: Ошентип, ре-

жиссер байлык менен дөөлөттүн кулу болгон адамдардын наадандык кейпин ачып көрсөтүүнү алдына максат кылып койгон. Акыл-ойдон, санаа-сезимден жүрдөй болуп, тек гана баш пайдасынан башка эч нерсени көрө албаган, адамгерчиликтен куру адамдардын галереясы көз алдыга тартылат. Маселен, Подколесиндин үйлөнүүдөн жаа боюу качканы — анын үйлөнгүсү келбегендиктен эмес, өзүнүн бейкут турмушун бузуудан, турмушун өзгөртүүдөн корккондугунун белгиси экендигин байкайбыз.

Подколесиндин ролун ойногон. А. Куттубаев — Подколесиндин ой сезими тар, өзү жалкоо болгондуктан дүйнөгө да, өмүргө да бейгам карай турган кайдыгер бир жан экендигин жеткилең бере алган. Анын сүйлөгөн сөздөрү, кыймылы, жүрүм-туруму жасалма сыпайлыгы өзүн-өзү мазактагандай туюлат. Ал жеткен жалкоо жана жатып алып жалган кыялдан башкага дарманы жетпеген мусапыр экендигин А. Куттубаев ушундай юмор менен ойногон.

Ал эми Кочкоревду ойногон артист А. Абдыласов аны ийкемдүү, куу кылып көрсөткөн. Чиновник Кочкоревдин көз карашы жарды; анын бар күчү, акылы, айлакерлиги эптеп күн көрүүчүлүктөн ашып түшпөйт. Демек, ал медалдын экинчи бети, Подколесиндин экинчи бир башка тиби. Фекла (арт. С. Сатыбалдиева) менен Кочкорев (арт. А. Абдыласов) Агафьянын үйүндө кездешкен эпизоддо өтө бир кызыктуу сахналык кыймыл юмор менен ойногон.

Фекла Ивановна жеткен жалганчы, күнөөгө белден баткан, пайданы гана көздөгөн аял. Жеңкетай үчүн алкын ачкан, учкаяк неме. Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти С. Сатыбалдиева анын мүнөздөрүн ойдогудай келтирген. Ал адеп сахнага чыга келгенде жалган күлүп, көздөрүн ойноктотуп, аша бактылуу адамдай, иштеген иши, ойлогон оюу кантсе да орундаларына көзү жеткен немедей болуп көрүн-

гүсү келет. Аял десе, укмуштай ишкер, айтканын айткандай орундата турган адам сыяктанып, калың жөнүндө кеп баштаганда Подколесинди кызыктырып, эритип да таштайт. Агафьянын кимге чыкканы, ал бактылуу болобу, же жокпу ага баары бир.

Фекланын жалтанган адамы жалгыз Кочкарев. Анткени, Кочкаревдин куулугу, айлакердиги тигинден басымдуураак. Фекла аны менен жолукканда өзүнүн алсыздыгын билдирбеш үчүн күйпөлөктөп, ачууланып, ал турмак Кочкарев менен уруша да кетет.

Бой жеткен көпөс кызы Агафья Тихоновнанын образы да өзүнчө кызык. Ал өзүнүн көпөстүк тегин чанып, дворян жигитине күйөөгө чыгуу үчүн алек болгон мещанка. Агафьяны ойногон А. Бейшеева анын ушул мүнөздөрүнүн ар кыл учурун дурус берген.

Ошентип, негизинен, «Үйлөнүү» спектаклинин дурус болуп чыгышы коллективге чыгармачылык дем берип, келечекте классикалык чыгармаларды жарата ала тургандыгын көрсөттү.

«Пьесаны коюуда жаш режиссер ар бир мизанценаны кылдаттык менен түзүп, комедияны өз алдынча жаңыча көрсөтүүгө умтулат» — деп жазган театровед А. Сырымбетов. «Театр жана турмуш»,— деген китебинде.

М. Назаралиев чеберчилик менен сахналык сөздөн башка да, театр тарыхынан үзбөй лекцияларды уюштурат. Коллективдин Станиславскийдин системасынан түшүнүк алуусу да дал ушул таптан баштап кескин өзгөрөт. Бул сыяктуу сабактардын баардыгы театрдын күндөлүк чыгармачылык иши, спектаклди даярдоо процесси менен байланышта жүргүзүлгөн.

Италиянын улуу драматургу Гальдонинин «Эки мырзанын малайы» комедиясынын коюлушу театр коллективи үчүн чыгармачылык экзамен катары бааланды. Анткени, бул пьесанын тилинин тактыгын, өт-

күрдүгүн бузбай өз калыбында жеткирүү артисттер үчүн оңойлук менен ишке аша койчу нерсе эмес. Албетте тил (сүйлөө речи) театр өнөрүндөгү негизги нерсе. Актер чечендикке үйрөнүүгө тийиш. Анткени, сахнадагы чечендик-чеберликтин белгиси. Кейипкерлердин тагдырын, мүнөзүн, бири-биринин ортосундагы карым-катнашты тек сөздүн маанисин бузбай таасирдүү айтуу аркылуу гана ачып берүү мүмкүн.

К. Гальдони бул комедиясында төмөнкү таптын өкүлдөрүн башкы каарман катары көргөзөт. Алардын иш-аракеттери, мүнөздөрү аркылуу карапайым калктын боюндагы асыл касиеттер: эмгекчилдиги, ак ниеттүүлүгү, кыйындыкка моюн сунбаган оптимисттиги, акылынын зиректиги менен тапкычтыгы сүрөттөлөт. Труфальдино менен Смеральдина дал ушул касиеттери менен көзгө түшөт. Алар кыргыз оозеки адабиятындагы көп кездешүүчү айлакер кедей жигитинин тунгуюктагы жолду эске салат. Ал эми даңазалуу купец Пантолоке, доктор Ломбарди, Блатриче менен Клориче сыяктуу ак сөөк кыздарды, Флориндо Сильвио өңдөнгөн мырзалардын портреттери кадимки эски кыргыз турмушунда кездешүүчү түркөйчүлүккө окшоп кетет.

Режиссёр чыгарманын дал ушундай элдик негизин, философиясын жаркын көрсөтүүнү максат кылгандыгы ачык байкалат. Демек, көпчүлүк катышкан сахнасы дээрлик жок, чакан гана кейипкерлери бар комедиянын көркөмдүк-идеялык багытын бузбай элге жеткирүү режиссердун интерпретациясы, таланты менен актерлордун чеберчилигине гана байланыштуу эле.

Режиссердук момундай бир деталды эске алсак, жалпы эле спектаклдин ийгилиги көзгө жарк этип уруна түшөт. Мына, бар турпаты менен кара тору жигит сахнада турат. Таягынын учуна байланган ту-

йүнчөк, таягы ийнинде. Өзү чоң шаарда күн бою жумуш иштеп аябай чарчаңкы, наар да ала элек. Бирок, жүзүндө кейүүнүн кыпындай да элеси байкалбайт, нурлуу. Кабак-кашында ойногон тентек күлкү — эми окуя башталат деген кыяста.

Режиссер Труфольдинонун сахнага кадам ташта-ганына өзгөчө басым жасаган. Жогорудагы түшүнүктө эч бир сөз жок. Мына ушул абал дирижердун чоң чыгарма ойноор алдында музыканттар менен залдагы олтургандарды тартипке чакырып, таягын жогору көтөргөндөгү моментке окшоп кетет.

Айтор кандай деп салыштырбайлы, ушул чечим комедия үчүн өтө мүнөздүү табылга деп баалоо керек. Ошентип, спектакль ушул көрүнүштөн өзүнүн ички ыргагын таба алган. К. Гальдонинин «Эки мырзанын малайы» комедиясы орус театрын айтпаган күндө да республикалык кыргыз драма театрынын сахнасына бир нече ирет коюлган. Бул чыгарманын сахналык өмүрү жөнүндө жазылган эмгектер да толуп жатат. М. Назаралиевдин комедия тууралу жазылган бай материалдарды пайдаланганы режиссерлук ишинен да, сахна жасалгаларынан да, кийим үлгүлөрүнөн да бай-калып турат.

«Эки мырзанын малайы» чыгармачылык изденүү жылдарындагы театрдын көрүнүктүү спектаклдеринин бири. Театр булардан башка да бир нече спектаклдерге өмүр тартуулады. Алардын ичинде Каракалпак элинин жазуучусу С. Хожониязовдун «Сүйбөгөнгө сүйкөнбө», Р. Шүкүрбековдун «Комуздун тагдыры», Ж. Садыков менен М. Назаралиевдин «Жыпар атасын күтөт», М. Тойбаевдин «Жылдыз» жана башкалар бар.

Кыскасы, бул аралыктагы спектаклдерге терең психологизм, күчтүү эмоция, драматизмге жык толгон ар кыл мүнөз, философиялык жалпылоодо берилген турмуш чындыгы мүнөздүү.

1962-жылы Жалал-Абад жана Ысык-Көл драма театрлары жоюлуп, бир топ таланттуу артисттер Нарынга келет. Ал эми 1963-жылы театрдын башкы режиссерлугуна Бообек Ибраев дайындалат. Ал мурда Жалал-Абад театрынын башкы режиссеру болуп иштеп турган. Ошентип, бул жылдары театр чыгармачылык жаңы бийиктиктерге жетише баштайт. Ал кезде театрдагы артисттик состав күчтүү келип А. Сатыбалдиева, А. Жангорозова, Ж. Шералиев, С. Андабеков, А. Куттубаевдер баш болгон профессиялык жактан такшалган актёрлор иштеп жаткан. 1966-жылдын ноябрь айында Нарын музыкалуу драма театры чыгармачылык отчёт менен борборубуз Фрунзе шаарына келди. Театрдын коллективи борбордун көрүүчүлөрүнө жазуучу Ч. Айтматовдун «Жамила» аттуу повестинин негизинде сахналаштырылган «Эңсеген менин обонум» (инсценировкасы К. Нурмухановдуку) спектаклин көрсөттү. Бул жаш режиссер Б. Ибраевдин өз алдынча койгон биринчи спектакли эле. Спектакль боюнча борбордук газеталар: «Режиссер Б. Ибраев чыгарманын идеялык-көркөмдүгүн бузбай, анын негизин туура чагылдыра алган» — деген пикирди айтышты. Албетте, Б. Ибраевдин режиссерлук интерпретациясы, маданияттуулугу актерлордун оюнуна терең таасирин тийгизмек гана тургай алардын чыгармачылык демин дагы ого бетер чыңады, актерлор ойногон сахналык кейипкерлердин психологиясы даана ачылып, драмалык көңүл күүлөрү тереңдей түштү. Ошентип, режиссер менен актерлор коллективи чыгарманын идеялык-көркөмдүк маңызына жетик түшүнүшүп, лирикалык маанайдагы спектакль чыгарышкан. Маселен, Жамийланын ролундагы артистка Г. Мамашова, Данияр — Д. Сариев, Жаңыл — Кыргыз ССРинин эл артисткасы А. Жангорозова жана Сейит — артисттер Т. Мамытов менен М. Рыскулбеков, Орозмат — Ж. Абдыкалыков, Кырманчы — А. Дүйшеевдер өз кейипкерлеринин, му-

нөздөрүн, кыймыл-аракеттерин турмуштагыдай кылып, ишенимдүү түрдө ойной алышты.

Данияр — Д. Сариев — сыртынан караган адамга оор басырыктуу карапайым бир жан көрүнгөнү менен анын ички дүйнөсү бай, сезими махабатка толо, кайратка чың жигит. Ал эми анын тескерисинче Жамыйла — Г. Мамашова — ачык, жайдары көрүнгөнү менен ичинде ал да миң сырдуу. Мына ушул эки образды көрүп олтуруп, махабат, достук сезимдер адамгерчилик бийик даражага чейин көтөрүлүп чечилгенине күбө болобуз. Өзгөчө Жаңылдын ролундагы Кыргыз ССРинин эл артисткасы А. Жангорозова терең психологиялык мүнөз ачат.

А. Жангорозованын оюнунда Жаңыл энелик адал сезимге, зор драматизмге, ал турмак адам чыдагыс кайгыга толо берилген. Ооба, ойногон образынын ички дүйнөсүн нак-сезип, психологиясын ачып, ишенимдүү ойноосу анын артисттик талантына мүнөздүү. Кыргыз театралдык искусствосунун өсүп-өнүгүшүндө А. Жангорозованын кошкон үлүшү аябагандай зор. Ал бүтүндөй өмүрүн сахналык искусствого арнаган адам. Жангорозованын театрга болгон сүйүүсү анын жаш чагынан башталат. Отузунчу жылдары, айрыкча кыргыз кыздарынын артист болууну эңсеп, театр өнөрүн өздөштүрүүгө умтулуусу кубанычтуу көрүнүш эле. Ошолордун бири, азыркы белгилүү артистка Алыйман Жангорозова. А. Жангорозова 1933-жылы Фрунзедеги кыргыз драма театрына кабыл алынат. Ошондо он жети жаштагы артистка бат эле көрүүчүлөрдү өзүнө тартып алат. 1939-жылы Москвада кыргыз искусствосу менен адабиятынын декадасы өткөрүлөт. Анда А. Жангорозова Ж. Бөкөнбаевдин «Токтогул» драмасында Бурманын ролун ойноду. Өзүнүн жаштыгына, турмуштук тажрыйбасынын жоктугуна, талантынын али өсүп жетиле электигине карабастан, шыктуу жаш артист өз чеберчилиги менен искусствого жогорку та-

лап койгон москвалык көрүүчүлөрдүн купулуна толгон. Жаш артисттин таланты жогору бааланып, ага «Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти» деген ардактуу наам берилди.

А. Жангорозова ал жылдары Ж. Турусбековдун «Ажал ордуна» драмасында Зулайканын, Ж. Бөкөнбаевдин «Алтын кызында» Чынардын, Гоголдун «Үйлөнүүсүндө» Агафьянын, Гальдонинин «Эки мырзанын малайында» Беатричанын ролун аткарат жана башка бир нече белгилүү образдарды биринчилерден болуп улуттук сахнага алып чыкты. 1946-жылы А. Жангорозова Пржевальскидеги областтык драма театрына көркөм жетекчи болуп дайындалып, Гоголдун «Үйлөнүүсү» менен К. Эшмамбетовдун «Эгиз бала» драмасын сахнага коёт.

1962-жылдан баштап Нарындагы Тянь-Шань музыкалуу драма театрында иштеп ондогон образдарды жаратты, Ч. Айтматовдун «Жамийла» менен «Кызыл жоолук жалжалым» повесттеринин негизинде сахналаштырылган спектаклдерде эненин унутулгус, кайталангыс образын түздү. Чейрек кылымдан кийин Токтогулдун энеси Бурманын ролуна кайрадан кайрылды. А бул жолу жаш драматург Б. Жакиевдин «Миң кыял» аттуу драмасында Бурманын ички сезимин, мээримин, акылмандыгын, дегеле энелердин улуулугун сахнада жаркын көргөзө алды.

Мына, уулу Токтогул айдоого кетти. Небереси Топчубай дүйнөдөн кайтты... Энеге мындай оор кайгы катуу тийди да эки көзүнөн ажырап калды. Ушул оор трагедияны А. Жангорозова турмуштагыдай ишенимдүүлүк менен аткарды. А. Жангорозова көрүүчүлөр арасында кино актёру катары да маалым. Ал «Тянь-Шань кызында» эненин, «Ашууда» ушакчы аялдын «Бакайдын жайытында» аттуу көркөм фильмде эненин образын экранга чыгарды.

Искусстводо сиңирген баалуу эмгеги үчүн аны

1958-жылы Москвада өткөрүлгөн кыргыз искусствосу менен адабиятынын экинчи декадасына байланыштуу СССР Жогорку Советинин Президиуму А. Жангорозованы «Ардак белгиси» ордени менен сыйлаган.

Алгачкы актерлор эл арасынан чыккан өнөрпоздор экенин айтып өткөнбүз. Алардын көбү ролду бойго бүткөн талант күчү менен ойношкон, ошондуктан, кейипкер тагдырын акылга салып, таразалап, терең үйрөнүп алып ойноодон мурда ички сезим, интуиция менен ойноочулук басымдуулук кылган. Бирок, профессионал режиссердун келиши менен бул сыяктуу бир беткейлике чек коюлат. Анткени, чеберчилик маселесин театрда жүзөгө ашыруучу адам нагыз режиссер-педагог, режиссер-художник, режиссер-адабиятчы, режиссер-администратор болууга тийиш деген, К. Станиславскийдин көргөзмөсүн жетекчиликке алуу жолго коюлду. Демек, театрдагы эң башкы күч режиссер. Boобек Ибраев театрдын коллективи менен иш алып барууда бир топ ийгиликтүү эмгектенди. Ооба, эмгек текке кеткен жок. 1966-жылы Кыргыз ССРинин юбилейине арналып, борборубузда өткөрүлгөн театр коллективинин чыгармачылык отчету көрүүчүлөрдүн эсинде биротоло калгандай болду. Театр чыгармачылык отчётко чоң программадагы концерттен башка, төрт спектакль К. Жантөшевдин «Курманбек», Ч. Айтматовдун «Кызыл жоолук жалжалым», Б. Жакиевдин «Миң кыял», Т. Абдумомуновдун «Атабектин кызын» алып келди.

Сөз арасында айта кетүүчү нерсе — Нарын театрынын концерттик программасы. Бул жагынан көркөм жетекчи Ж. Шералиев өтө чоң эмгек кылды. Декада күндөрү борборубуздун эмгекчилеринин сурооломру боюнча программадан тышкары эки ирет концерт берилди. Декада спектаклдери менен гана баалуу болбостон, белгилүү өлчөмдө ыр майрамына айланды десек аша чапкандык эмес. Ж. Шералиевдин жетекчи-

лиги менен даярдалган чоң программадагы концертке катышкан артисттер Сейитказы Андабеков, Сагыйпа Чечейбаева, Тамара Жумакева, Дүйшө Сариев, Канымгүл Досмамбетова, Калыйбек Тагаев, Койсун Карасартова, Гүлсүн Мамашева, Кеңеш Курманалиева жана башкалар Фрунзенин эмгекчилеринин алдында унутулгус эстелик калтырышты. Көрүүчүлөрдүн сыноосуна биринчи болуп коюлган спектакль «Курманбек». Драматург К. Жантөшевдин «Курманбек» аттуу пьесасын сахнага коюлушу Нарын музыкалуу драма театрынын чыгармачыл коллективи үчүн зор сыноо болду. Анткени, пьеса мурда эле Кыргызстан Мамлекеттик Эмгек Кызыл Туу ордендүү драма театры тарабынан коюлуп, элге кеңири белгилүү эле. Анын үстүнө театр коллективи бул спектаклди мурда көргөзгөндүгүн жогоруда белгилегенбиз. Ошондуктан Нарын театрынын коллективи кантсе да өздөрүнүн тажрыйбалуу коллегаларын туурап гана тим болбой жана балким, өзүбүздү кайталабайлы деген максатта чыгармачылык күч-дараметтерин бүтүндөй жумшады. Пьеса тууралуу «Советтик Кыргызстан» газетасы минтип жазган: «Көшөгө жайбаракат, салмактуу урулган добулбастын коштоосу менен ачылат. Бири-бирине карама-каршы коюлган символикалык барельефтүү фигуралардын ортосунан ак сакалы жайкалган акылман ырчы, эр Курманбектин баянын айтат. Театрдын башкы режиссеру Бообек Ибраев менен режиссер Эрменбек Токтогулов спектаклди романтикалуу пафос менен чечишкен да артисттердин ролдорунун ансамблдүүлүгүнө жетишкен...

...Туура чечилип, чеберчилик менен аткарылган образдар катарында Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисттери С. Андабековдун Акканын, С. Сатыбалдиеванын Салкынын, Ж. Самаковдун Дарыкерин, Д. Сариевдин Ырчысын, А. Дүйшеевдин Корунун, Ш. Токтоевдин Доргусун жана дагы башкаларын айта кетүү-

бүз керек». Спектаклдеги башкы каарман Курманбектин ролун артист К. Медетбеков аткарат. Медетбековдун Курманбеги — эл-жерин чет элдик басып алуучулардын зордук-зомбулугунан сактап калуу үчүн өз өмүрүн өлүмгө байлап коюп күрөшкөн чыныгы элдик баатыр. Ал кыйын кезең учурда жалтактап туруп калбай кайра элине арка-бел болуп, элдин таалайы үчүн, эркиндиги үчүн жан аябай күрөшкөн эр-азамат. Кан Корун жер жайнаган кол менен келатканда Курманбек: «Анда силер, жоо жаракты алгыла, намысы бар эреңдерден, колду курап салгыла. Жоонун жайын мен чалайын, акылдан эч шашпагыла! Алдыдан ажал чыкса да, артты карай качпагыла!» — дейт. Эл Курманбекти ээрчийт. Ошондо Курманбек: «Бу жакшылыгыңарды көкүрөккө бек түйөм! Ушул кылычтан башым кыйылсын, эгер силерден кылсам күмөн! Жүргүлө!» — деп элди баштап чыгат. Курманбектин — Медетбековдун сөзү каардуу да, сүрдүү да, ошону менен бирге элдин камын ойлогон камкор адамдыкындай угулат. Медетбековдун чечиминде Курманбектин образы мекенге деген сүйүүгө, патриоттук сезимге толо жана жоого өтө кекчил болуп чыккан. Медетбеков — Курманбек атасынын элге болгон душмандыгын Корун, Доргудан кем эмес баалап, ата менен баланын ортосундагы тымызын аёсуз күрөштү ачууда чебер ойнойт. Ал эми анын Айганышка болгон сүйүүсү тунук да назик. Айганыш (артистка О. Еркимбаева) болсо Курманбекке биротоло берилген кумарлуу ашык жар. Мына, Айганыш өзүнүн Курманбекке болгон сүйүүсүн Гүлайга айтып турган жери: «Бир гана көзгө көрүнсө, эгер сүйүү бар болсо. Мен армансыз болоор элем, жүрөгүмдү жарып, Курманбекти бир гана көргөзүп койсо»,— дейт. Анда Гүлай: «Курманбек жүрөгүмдүн ичинде дегениңизби?»—деп суроо узатат. Айганыш муңайып туруп жооп берет: «Ооба, Гүлай! Билесиң го себебин! Курманбекке жетсем деп көптөн

көп көксөп келемин. Аны биринчиден сүйөм, экинчиден элиме күйөм. Курманбек — мен үчүн болсо алтын алка, элибиз үчүн болбойбу болот калка!» — дейт.

Бул чыныгы ашык жардын жүрөк сөзү. Айганыштын ролун ойногон О. Еркимбаева тууратында «Советтик Кыргызстан» газетасы мындай деп жазган: «О. Еркимбаева Курманбектин сүйгөн жары Айганыштын ролуна келбети келишкен татынакай, адептүү. Спектаклдин көрүнүштөрүнүн алгачкыларында актриса Айганышты ушундай сүрөттөйт. Капарында эч нерсе жок, бойго жетип, толукшуп турган жайдары кыз бара-бара анын жаркырап тийип турган күнүн кара булут каптап, тагдырына коркунуч туула баштагандан тартып, биздин көз алдыбызда өзгөрүп, жеке эле өз бактысын эмес, жалпы эле элинин бактысы үчүн күрөшүүгө даяр турган, ажалга тике карап, оттон кайра тартпаган кайраттуу каарманга айланат. О. Еркимбаева жаш жүрөгү дегдеп берилип сүйгөн каарманынын тазалыгын, анын бул берилүүсүн эч кандай кара күчтөрдүн тебелеп-тепсей албай тургандыгын айкын-ачык көргөзөт».

Спектаклдеги ийгиликтүү чечилген образдардын бирин артист Б. Алиев жараткан. Алиевдин Тейитбеги жалпы журт эмес, жалгыз баласына карабаган кара ниет катары көрүүчүлөрдүн сезимине уюйт.

Спектаклдин экинчи режиссеру Э. Токтогулов момундай бир окуяны айтканы али эсимде: кайсы бир колхозго барып «Курманбекти» коюшат. Спектаклди эл ыйлап олтуруп көрүшөт. Эртеси бир карыя Алиевдин жанына басып келип:

— Түндөгү Тейитбек сенсиңби? — деп сурайт. Алиев: «Ооба» — деп жооп берет. Ошондо абышка калч-калч этип туруп: — «Балам, мындан ары мынчалык мыкаачы болбой жүрчү»,— дептир. Алиев түзгөн образ чынында эле сезимге жетерлик чыккан. Анын Тейитбеги канчалык зулум болгону менен ошон-

чолук бечера. Арааны жүрүп турганда ал жалгыз баласына: «Оо, эл! Курманбектей балаң болсо, өөдө карап кубанып, күлбөсүн. Учу узарып, уругу көбөйүп, беш күнү өмүр сүрбөсүн!» — деп тилек тилесе, Курманбек өлгөндө: «Курманбек, жалгызым Курманбек! Өлдү... өлдү... Корун өлтүргөн жок, өзүм өлтүрдүм! Өзүм... Мен эми паанасыз, мен эми баласыз калдым, о жараткан!» — деп ыйлайт. Ошондо Корун менен Доргу келип, аны мокотуп кирет. Тейитбек — Алиев: «Жок! Жок! Кокусунан балалык чагы эсиме түшүп кетти. Чындыгында душманым абдан күчтүү. Ооба... Кайгырбайм... Мейли... Курманбектин өлүгү көмүлбөй калсын! Мага каршы асман жердин арасы жансын!» — дейт. Мына ушул эпизоддо Алиев өзгөчө бир артисттик чеберчиликке жетише алган. Анткени, бала деген бала, канчалык мыкаачы болбосун бала үчүн бир имерилип алмайы турмуштун закону эмеспи. Ошон үчүн, эки оттун арасында калган Тейитбек — Алиев: «Мага каршы асман-жердин арасы жансын!» — деп өзүнө өзү өкүм чыгарат. Мына бул сөз кейипкердин кара өзгөй, куу, залим, бирок, бечара бир жан экендигин айгинелейт. Спектаклдин финалы — элдик баатыр өлбөйт, ал ар дайым эл менен чогуу жашайт деген романтикалуу идея менен аяктайт. Ооба, Курманбек тирилет, ал элге карап: «Жигиттер, көздөгөн тилегиңерге жетпей тынба. Кастыгын тиккен душманга, эч ырайым кылба» — деп кайрылат. Бул чакырык укмуштай бир күч менен айтылат. Спектаклдин элге жеткиликтүү болушу режиссердун чыгармачылык дараметине байланыштуу деп айттык. Андай болсо, «Курманбек» спектаклинин режиссерлору Б. Ибраев менен Э. Токтогуловдор пьесанын идеялык көркөмдүк мазмунун терең ачып берүүгө жетишкен. Бул жерде албетте, художник С. Төбөевдин зор иш аткаргандыгын баса белгилеп кетүү орундуу иш.

Театрдын сыноого койгон спектаклдеринин экин-

чиси — Т. Абдумомуновдун — «Атабектин кызы» аттуу пьесасы. Бул спектакль тууралу Кыргыз ССРинин эл артисти А. Кебегенов республикалык «Ленинчил жаш» газетасына минтип жазды: «...Драматургдун «Атабектин кызы» аттуу пьесасынын оңдолгон вариантын Тянь-Шань музыкалуу драма театрынын коллективи республикабыздын борборундагы көрүүчүлөргө көрсөттү. Спектаклдин жетишкен жеңиши театрдын чыгармачылык коллективинин автордун ою менен жакшылап таанышып чыккандыгында турат...

...Драманын негизги героинасы — Атабектин кызы Жыпаргүл бардык адамды өз жүрөгүндөй сезген мээримдүү жаш кыздардын бири. Ал жеке гана керт башынын кызыкчылыгы үчүн тырышпастан, бардык жаштарды өзүндөй көрүп, өзүндөй сезип, аларды чын ыкласы менен барктайт. Мына ушул ишенчээк жаш кыздын сезими оң жагынан чыкпай, татаал турмуштун мезгилсиз конфликтисине чалынгандыгында турат. Жыпаргүл — Жумакаеванын сезимине чагым салган сыйкырдуу кат кыздын,: «Мен үчүн бул дүйнөдө жакшы адам Асанбек» — деп жүргөн оюн таптакыр бузду. Мына, бардык бузуку ушундай... Күйүттүн жалынын дүрүлдөтүп жандырып, сүйүүнүн отун өчүрдү да койду. Ишенчээк жаш кыз акыры айлакер жигит Садыркулдун торуна барып чалынды. «Капаланбачы! Капаланбачы! Кантип капаланбайм!» — деген Жыпаргүлдүн сөзү угулду. Сахна жапжарык. Жыпаргүл — Жумакаеванын жүзү ак жуумал тартып, элге көрүнө баштады. Анын сеңселген кара чачы өңүнө көрк берди. Толкундануудан ого бетер сулуу боло түшкөн анын сүйкүмдүү жүзүндө укмуш бир сезим, муңайым, жашчылыктын кубанычы, сүйгөн жигитинин кыял-жорук элеси көз алдында тургандай сезилди. Актриса, бара-бара сүйлөгөн армандуу, кайгылуу сөздөрү, жашчылык махабаттын эрке терең сезимдери ар түрдүү кубулуп, көңүлүнүн, эң бир ичке жүрөк

сыры козголуп, көңүлдүн жан азыгын тапкандай шакта миң кубулутуп сайрап турган булбулдай сахнада канат кагып калкып жүрдү. Ошентип, Т. Жумакаевада талант бар экени байкалды. Садыркулдун элеси артист К. Медетбековдун аткаруусунда көңүлгө жагарлык берилген. Бул пьесадагы шылуундун терс мүнөзүнө карата артисттин чыныгы иштеген иштери байкалып турат. Анткени, терс элестин жүрүш-турушунун кулк-мүнөзүндөгү, керт башынын пайдасы үчүн жумшалган амалдуулук көрүүчүлөрдүн кыжырын кайнатып жатты. К. Медетбековдун аткаруусунда биринчи, экинчи көшөгөдөн моралдык жагынан бузулган, алдамчы жаман жолдогу бузуку жигиттин образын көрөбүз. Артист Т. Кудайбердиев да Асанбектин образын терең түшүнүп, чеберчилик менен аткарганы көрүүчүлөрдүн жүрөгүн ысытып, көңүлүндө уялады. Ал аял алып алса да, балалык чагындагы сүйүүсү, анын Жыпаргүлгө адамгерчиликтүү мамилеси кишинин жүрөгүн толкундатып турат. Бул ролдо артист автордун оюн туура түшүнүп, чеберчилик менен аткарды деп айтууга болот. Асылдын ролунда артистка Г. Мамашева, Аскардын ролунда К. Тагаев дурус аткарышты. Маралбай менен Калбүбүнүн элестери автор тарабынан өтө жогору сапатта көркөмдүү берилген. Бул ролдорду артист Т. Мамбетов менен артистка К. Атамкулова чебер аткарып, көрүүчүлөрдү кубандыра алышты. Айрыкча артистка К. Атамкулова бул ролдо жөндөмдүүлүк-чеберчилик жактарын жогорку сапатта көрсөтө алды, деп айтсак жаңылбайбыз. Аймандын элесин түзүүдө артист А. Исмайлов бир топ түзүк эмгектенген. Бул пьесаны коюуда режиссер Эрменбек Токтогуловдун жетишкендиктери зор. Драматургдун оюна туура түшүнүп, пьесанын айрым жерлерин кыскартып, автордун айтайын дегенин туура таап, табылгалары, түзгөн мизонсценалары жандуу. Нарын музыкалуу драма театрынын Фрун-

зедеги чыгармачылык отчёту тууарсында басма беттеринде каалоолор жарыяланды. «Театрдын негизги күчүн жаштар түзүшсө да, анда республиканын эл артисти, эмгек сиңирген артисттери: Жангорозова, Шералиев, Сатыбалдиева, Андабеков, артисттер: Көмөчев, Дүйшеев, Сариев, Медетбеков, Абдыкалыков жолдоштордун ар кимисинин өздөрүнүн чыгармачылык жүздөрү түзгөн жагымдуу образдары бар. Өзгөчө арымдуу жаштардын үзүрлүү эмгектери кубандырбай койбойт. Бул жагынан Б. Алиевдин, А. Абдыласовдун, Г. Мамашеванын, Т. Жумакаеванын алгачкы чыгармачылык ийгиликтерин белгилөөгө болот» — деп жазды СССРдин эл артисти М. Рыскулов «Ленинчил жаш» газетасына. Ал эми СССРдин эл артисткасы Д. Күйүкова «Советская Киргизия» газетасына «Тяньшандыктардын таланттуу коллективи тууарсында биздин республика жакшы билет. Алардын биз менен жолугушуусу бизге зор сыймыктануу сезимин алып келди» — деп жазды.

Ошондой эле Кыргыз театр коомунун жооптуу секретары К. Сыдыков «Ленинчил жаш» газетасына мындай деп жазды: «Фрунзеликтер мындан үч жыл мурун нарындыктардын «Жамийла» спектаклин көрүшкөн эле. Ошондой эле чоң программадагы концертин угушкан. Республиканын эмгекчилери бул таланттуу коллективдин өкүлдөрүнүн чыгармачылыгынын гастролдор, радиодон берилген концерттер боюнча да жакшы билишет. Бул жолку, келишинде театр чыгармачылык чоң жылыштарды жасаган. Театрдын репертуарында дүйнөлүк жана орустун классиктеринин, кыргыз драматургдарынын чыгармалары бар. Ушунун өзү коллективди жөндөмдүү көркөм жетекчилер башкарып, таланттуу актерлордун бар экендигинин күбөсү. Мурунку келиште Фрунзеликтер А. Жангорозова, Д. Сариев, Ж. Абдыкалыков, К. Медетбеков, З. Касымалиев жана башкаларды көрүшсө, азыр Т. Жумакае-

ванын чыгармачылыгы менен таанышты. Жумакаева каармандын ички дүйнөсүн терең көргөзүүгө жөндөмдүү актриса.

Нарындыктар төрт спектакль көрсөтүштү. Бул спектаклдер режиссердук оригиналдуу чечилиштерге ээ. Алар театрдын башкы режиссеру Б. Ибраев менен режиссер Э. Токтогуловдун жөндөмдүүлүктөрүнө даана күбө болот.

«Курманбек» спектаклинде Курманбектин ролун аткарган К. Медетбеков, Айганыштын ролун аткарган Г. Момушева, Корундун ролун аткарган Ж. Абдыкалыков, Тейитбектин ролун аткарган Б. Алиевдин түзгөн образдары көрүүчүлөрдү кубандырбай койбойт. Өзгөчө, Б. Алиев жөндөмдүү жаш актер.

«Кызыл жоолук жалжалым» спектаклин кыргыз көрүүчүлөр Нарын музыкалуу драма театрынын коллективинин коюусунда биринчи көрүп отурушат. Эки бөлүмдөн, отуз төрт сценадан турган бул спектакль кинокадр түрүндө коюлуп, театрдын коллективи чыгармачылык татаал маселени чечишкен. Эгерде Нарын театрынын техникалык материалдык шартын эске алсак, анда спектаклди коюуда театрдын коллективи кайраткердик жасады деп айта алар элек.

«Миң кыял» Токтогулга арналган чыгарма. Драматург Б. Жакиев өзүнүн пьесасын заманы менен улуу акындын диалогуна негиздеп жазган. Биринчи жолу Нарын театрында бул чыгарма терең түшүнүлүп, жүзөгө ашырылган».

Республикалык «Советская Киргизия» газетасы болсо: «Тяньшандык өнөрпоздорго алкыш» деген темада театрдын коллективинин чыгармачылык үзүрлүү эмгегине ыраазы болуу сезиминде, театрга эң сонун ийгилик каалап жазган.

Ошентип, театр борборубуздун көрүүчүлөрүнө өздөрүнүн өнөрлөрүн көргөзүшүп, чоң алкышка татышты.

1971-жылы «Советтик Кыргызстан» газетасына «Нарын театрынын ийгиликтери» деген чакан материал жарыяланды: «Нарын областтык музыкалуу драма театрынын чыгармачылык коллективи соңку жылдарда бир топ жемиштүү ийгиликтерди жаратышты. Өткөн юбилейлик жылда бул коллектив көрүнүктүү акын драматург Ж. Турусбековдун «Ажал ордуна» драмасын (режиссер Б. Ибраев) коюшуп, көрүүчүлөрдүн сүйүмөнчүлүгүнө ээ болушкан. Театрдын коллективи ушул спектакль менен В. И. Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдыгына карата СССРдин Маданият Министерствосу жана Жазуучулар Союзунун башкармасы тарабынан уюштурулган драмалык спектаклдердин бүткүл Союздук конкурсуна катышкан эле.

Жакында ошол конкурстун жыйынтыгы чыгарылып, Нарын музыкалуу драма театрынын чыгармачылык коллективи «Ажал ордуна» спектаклин койгондугу үчүн СССРдин Маданият Министерствосу менен жазуучулар Союзунун кызыктыруучу дипломуна татыктуу болду.

Чыгармачылык изденүүлөрүн дагы тереңдетип жатышкан бул коллектив жакында көрүнүктүү акын-драматург Ж. Бөкөнбаевдин «Алтын кыз» музыкалуу драмасын даярдап, көрүүчүлөргө тартуулашты. Спектаклди Б. Ибраев койгон. Башкы ролдорду Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисттери С. Көмөчов, С. Андабеков, Кыргыз ССРинин эл артисти К. Медетбеков артисттер: З. Касымалиев, Г. Мамашева, К. Тагаев аткарышты.

Албетте, бул чыгармачыл коллективдин чоң жеңиши эле. Бирок, буга чейин 1969-жылы 19-июлда «Советская культура» газетасы Нарын музыкалуу драма театры туурасында көлөмдүү материал басып, анда «Ажал ордуна» — кыргыз элинин турмушундагы дра-

малык эң оор учурун баяндаган бирден бир тарыхый зор полотно» деп жооптуулукту баса белгилеген эле.

Арийне, элдин өткөндөгү турмушун бүгүнкү күндөгү жогорку интеллектүү көрүүчүлөргө төкпөй-чачпай жеткирүү, алардын сезимин козгогудай абалга алып келүү чынында эле оор түйшүк. Мында режиссердук, артисттик негизги күч бакыт таалай үчүн күрөшкөн бирин-эки адамдардын образын эмес, ошол таптагы бүтүндөй кыргыз элинин образын түзүүгө тийиш болучу.

Ошентип, «Ажал ордуна» музыкалуу драмасы театрдын башкы режиссеру Б. Ибраев, художник С. Төбөев, хормейстер — Кыргызстан Мамлекеттик Ленин ордендүү академиялык опера жана балет театрынын башкы хормейстери К. Алиев, ушул эле театрдын балетмейстери С. Абдижалилов баш болгон чыгармачылык топтун жетекчилиги менен жүзөгө ашырылды.

Демек, музыка жеке ариялар менен хорлор спектаклдин жалпы режиссерлук максаты менен шай келип, анын ансамблдик бүтүндүгүн курмакчы да, бул компоненттер спектаклдин чечүүчү көркөмдүк каражаттары, күчү болмокчу.

Кыргыз элинин тарыхта калган оор күндөрүн чагылдырган спектаклдеги каармандар эки таптын: Искендер (арт. З. Касымалиев, Т. Кудайбердиев), Бектур (Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисттери С. Көмөчов, Б. Алиев), Максут (Кыргыз ССРинин эл артисти К. Медетбеков), Алымбай (артист Ш. Токтоев).

Искендер спектаклдин башкы каарманы катарында анын өзөгүн түзөт. Ал эми Максүт, Алымбай өңдөнгөн эзүүчү таптардын өкүлдөрүнө каршы туруп, өз элинин эркиндиги үчүн күрөшкө чыгып, кембагалдардын кайгы муңуна, жашоо турмуштарынын ачуу-таттуусуна кошо жуурулушкан эр жүрөк патриот.

Мына чындык менен адилеттик үчүн Искендер баш



Ж. Садыков. «Жукеев — Пудовкин» спектаклинен көрүнүш.



Н. В. Гогольдун. «Текшерүүчү»
спектаклинен көрүнүш.



В. Шекспир. «Отелло» спектаклинен көрүнүш.



Т. Абдумомунов. «Ашырбай» спектаклинен көрүнүш.



Т. Абдумомунов. «Ашырбай» спектаклинен көрүнүш.



Ж. Садыков. «Чакмак таштын сыныгы» спектаклинен көрүнүш.



Ж. Садыков. «Чакмак таштын сыныгы» спектаклинен көрүнүш.



В. Шекспир. «Отелло» спектаклинен көрүнүш.
Дездемона — Д. Баратбаева. Яго — Артист Б. Алиев.



Спектаклден көрүнүш.



Ш. Садыбакасов. «Уят эмеспи»
спектаклинен көрүнүш.



Т. Абдумомунов. «Ашырбай»
спектаклинен көрүнүш.
артист Б. Алиев. Катагандын ролунда.

көтөрдү. Ак падышага аскер бересиңер деп өз балдарынын ордуна кишп сурап келген колунда бар Максүткө баш ийген жок.

Окуя ушундан баштап чыңалып отурат. Искендердин образын искусство жолунда жаңы кадам шилтеген жаш артист З. Касымалиев чебер түзө алган. Анын ар бир сөзү, кыймыл-аракети өз кейипкерине төп келген. Ал түзгөн образдын турмуш чындыгы айкын көрүнүп турат. З. Касымалиев — Искендер кейипкердин чыныгы кулк-мүнөзүн ачып берет да, чыйрактыгы, жыйнактуулугу образга шайкеш келген көз карашы мезгилдин атмосферасына кынаптала, бардыгы шай көрүнөт. Айрыкча Зулайканын атасынын трагедиялуу образын түзгөн Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти Б. Алиевди белгилеп кетүү керек. Биз сахнадан өзүбүз көрүп турган Алиев экенин унутуп коюп, көр оокаттын түйшүгүн тарткан, каржалган чалды көрөбүз. Ал аркылуу күйүтү ашып-ташкан кембагалдын берилиши өтө эмоциялуу. Артист тиригарак кейипкеринин кулк мүнөзүн турмуштун накта өзүнөн тапкан. Албетте, бул чыгармачылык изденүүнүн үлгүсү.

Үчүнчү сүрөт, ачтан өлүп калбоонун аракетин кылган абышка Зулайканы чейрек кадак унга сатат. Абышканын ушу жердеги кебетеси, сөзү сай сөөктү сыздатат. Анын: «Баламдын көргөн күнү эмне болор экен?» — деген суроосу көрүүчүлөрдүн жүрөгүн мыкчып өтөт.

Ал эми эненин ролундагы Кыргыз ССРинин эл артисти А. Жангорозова да демейдегидей эле бу жолу да чыныгы чеберчилигин көргөзө алды.

Мына, эне сатылган кызынан ажырап, боздоп турат: «Ботосунан айрылып, кокуй, боздогон инген мына мен, кокуй!..» — же мүрзөлөрдү аралап, темтеңдеп тилемчи кебетесинде кызын издеп, зар какшап жүргөн эпизодду алалы: «Айланайын арбактар, жал-

гызым аман бар бекен, кагылайын каралдым, бар болсо кандай алда экен?» — деп келатканда кызы жолугат. Ошондо артисттин: «каралдым тирүү барсыңбы?» — деп кызына эт-бетинен кеткенде залдагылар көздөрүнөн жаш сыгып алат.

А. Жангорозова өзүн сахнада өтө жөнөкөй, турмуштагыдай алып жүрөт да, кызын сүйгөн, ыйык эненин образын көз алдыга даана тартып берет.

Максүттүн ролун дагы Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти К. Медетбеков кейипкерининин нары мыкаачы, ашкан арамза экенин көрүүчүлөр алдында ашкерелей алган.

Зулайканын образын жаратууда артист Г. Мамашева да көп эмгектенген. Ошол замандагы жакыр кыргыз кызынын көп кырдуу мүнөз сүйүүсү менен тилеги, кубанычы менен азап-тозогу чебер чечилген. Ал эми кытай байынын эрке, турмушка жеңил-желпи караган ойсоке зайыбы Си-Тай-Хо артист А. Бейшееванын аткаруусунда турмуштагыдай көрүнүштү берет. Артисттер С. Андабеков, Д. Сариев, Т. Рыскулбеков, А. Абдыласов, А. Бердибаев, Т. Мамбетов, К. Тагаевдер да өздөрүнө ыйгарылган ролдорду талапка ылайык жүзөгө ашырышкан. Ошентип театрдын чыгармачыл коллективи бул тарыхый драманын залкар күчүн жоготпой, аны өтө көркөмдүктө чечишип, таланттуу чыгарма жаратышты. Драманы коштогон музыка да окуяга үндөшүп, анын таасирдүүлүгүн ого бетер арттырат. Өзгөчө сүрөтчү, С. Төбөевдин кошкон үлүшү зор. Спектаклде бар болгону эки гана полотно тартылган. Ошол эки полотно драманын ажарын ачуу менен бирге салт-санаасы эки түрдүү эки элдин географиялык шартын толук мүнөздөп турат.

Тянь-Шандыктар «Ажал ордуна» драмасынын идеялык-көркөмдүк мазмунун айкын ачуу менен, анын философиялык ой түйүнүн даана чагылдырат, асыл поэзиясын да кемелине келтире билген. Кыска-

сы, спектаклдин сапаттуу чыгышы режиссердук ойдун тереңдиги менен шарттэшкан. Демек, режиссер Б. Ибраев актерлордун аракеттерин жүрүм-турумун өз ара чыгармачылык менен байланыштырып, аларга туура багыт бере алган. Ошондон улам актерлук кыял ойгонуп, чеберчилик арткан.

«Ажал ордуна» спектакли режиссер менен актер оюнунун эриш-аркак болушу аркылуу, алар бири-бирин толуктап, бир бүтүн ансамблдүү, ажарлуу чыккан.

Эгер «Ажал ордуна» драмасы 1916—1917-жылдардагы окуя жөнүндө баян этсе, «Алтын кыз» музыкалуу драмасындагы окуя негизинен 1929—31-жылдарга туура келет. Анда басмачылардын Совет өкмөтүнө, коллективдүү чарбага каршы аракеттери баяндалат, башкача айтканда, кыйраган эски таптын калдыктарынын зыянкечтик аракетин ачып олтуруп, алардын эми дармансыздыгы менен катар жоюлуу процессин ачык көргөзөт. Негизгиси—кечеги кедейлердин ой-тилеги ишке ашканы, алардын эмгеги сүрөттөлүп, жаңы замандын жарчысы, советтик жаңы өмүрдү жаратуучу адамдардын күч-кубаты басымдуу чагылдырылган.

Режиссер Б. Ибраевдин драмадагы сүрөттөлгөн турмушту изилдеп жеткилең түшүнө билүүсү — жалпы эле сахналык чыгарманын дурус чыгышына, туура чечимге келүүсүнө мүмкүндүк түзгөн.

...Биринчи көшөгө. Алыстан көрүнгөн ак карлуу тоо. Толгон ай. Жасалгалуу кийген жигит кыздар селкинчек тээп, шаттуу ырдашууда.

Экинчи көшөгөдө басмачылар капчыгайда арак ичип, сайран куруп жатышкан болот.

Эгер режиссердук чечимде — биринчи көшөгөдөгү элдик оюн-зоок жаңы турмушту даңазалап, элдин жашоо турмушунун күзгүсү сымак сезилсе, экинчи көшөгөдөгү сайран, анын тескерисинче, өлүп бара жат-

кан таптын жанталашкан, ызы-чуулуу баш-аламан тамашалары алардын бири-бирине карышкыр сымак мамиле жасаган психологиясы даана байкалат.

Мына ушул символикалуу көрүнүштөрдүн фонунда негизги окуя өсүп-өнүгүп, чыңала берет.

Болбосо, төртүнчү көшөгөнү алалы. Анда колхозчулар; «Балбылдаган шамчырак, күйүп турган замана, баласындай алдейлеп, сүйүп турган замана» — дешип шаттуу ырдашууда.

Бул хор колхозчулардын — жалпы элдин совет өкмөтүнө болгон сүйүүсү, эркиндикке чыккан элдин өз заманына берген баасы сымак угулат.

Алар эми баштарында бийлик жок, өздөрүндө эрк жок бактысыз өмүргө дуушар болгон кечээги жашоо кыйынчылыгынан басылган жандар эмес, алар айылдагы социалисттик жаңы коомдун белсемдүү курууча-лары. Алар — жаңы өмүрдүн кубанычын, өз тагдырларын өз колдоруна алышып, боюнда кубат-жигери кайнаган советтик жаңы доордун адамдары.

Режиссер дал мына ушундай көпчүлүк катышкан сахнанын турмуштук окшоштугун туура таап чечкен да, анын жеке ролдордогу артисттердин катышуусу аркылуу дагы күчтүүлөп, дагы асемдүү кылууга жетишкен.

Драмадагы ийгиликтүү чечилген образдардын бири — Жапардын образы. Артист З. Касымалиев спектаклдин бардык сахналарында ролду айкын сезе билүү менен, психологиялык терең толгонуу менен, мүнөздү терең ачып көргөзүү менен көрүүчүлөрдү өзүнө тартып алат. Ал кейипкердин ички дүйнөсү менен сырткы сыпатын айкалыштыра билип, сахналык туташ, бир бүтүн образды түзө алган. З. Касымалиевдин Жапары — совет бийлигин кыргыз жерине толук, биротоло орнотуш үчүн басмачыларга каршы аттанган эр жүрөк азамат катары эсте калат. Ал сүйгөнү Чынар менен адеп жолугушканда сезимтал, лирикалуу об-

разды ачып берсе, басмачылар менен кармашып, аларды колго түшүргөн эпизоддо кайратка мол, айтканынан кайтпаган, баатыр катары сүрдүү көрүнөт.

Ал эми колхоз курулушундагы активдүү кыздардын бири Чынардын образын ачууда артистка А. Бейшееванын, Г. Мамашеванын бир топ ийгиликке жетишкенин көрөбүз. Алардын Чынары — сүйүүгө таза, жаңы турмуштун көркүн ачкан, күрөштөн жалтанбаган жайдары кыргыз кызы. Чынар Жапарга берилип ырдап турабы, же колго түшүп, Токтордун үйүндө ыйлап жатабы, же: «ырас эле өмүр сонун турбайбы» — деп, Кузнецов менен турмуш жайында аңгемелешеби, айтор, кайсы гана сахнада болбосун көзгө жылуу, көңүлгө токтомдуу сезилет. Артисттер образдын негизги түйүнү болгон кейипкердин сырткы кыймыл-аракети менен анын ички дүйнөсүн айкалыштырып ачууда, мимиканы туура, кырдаалга жараша өздөштүрүүдө, жүрүм-турумдарын так келтирүүдө чоң иш аткарышкан.

Г. Мамашеванын интерпретациясында Чынардын образында назиктик менен жумшактык басымдуулук кылып, махабатка берилген, кубанычы менен күйүтү аралаш сезимтал жан болсо, ал эми экинчи аткаруучу А. Бейшеева кейипкердин психологиялык көңүл күүсүн тереңдетип, эл бактысын өз бактысы менен айкалыштыра билген, ага жетиш үчүн эч нерседен баш тартпаган баатыр көрүнөт.

Бирок, экөөнө тең бирдей мүнөздүү бир нерсе — ал максаттуулук, ийкемдик. 25 миңчи жумушчу Кузнецовду ойногон Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти Дүйшө Сариев — революцияга, карапайым калкка, совет өкмөтүнө берилип иштегендиги, өлкөдөгү саясий окуяны башкалардан тереңирээк биле тургандыгы, уюштуруучулугу менен өзгөчөлөнүп турат. Спектаклдеги оң образдар канчалык ийгиликтүү че-

чилсе, терс образдардын жүзөгө ашырылышы ошондой эле чыккан. Мадылдын ролундагы артист Б. Алиев, Момуштун ролундагы артист К. Тагаевдердин оюнунан бирде кейипкерлердин катаалдыгы менен айлаамалкөйлүгү, зулумдугу, жүзү каралыгы көрүнсө, бирде алардын жаңы замандан корккон коён жүрөктүгү, беймаза абалы, дүйнөгө опасыздыгы даана сезилет.

Өзгөчө Калдыктын ролунда Кыргыз ССРинин эл артисти А. Жанкорозованын түзгөн образы көңүлдө биротоло уюп калат. Чынында эле, артист Калдыктын адамгерчиликтен куру калган эки жүздүү, учуру келе калса, жаалы катуу, тилдүү, оздуу мүнөзүн ачык бере алган.

Үчүнчү көшөгө, Чынар Токторбайдын үйүндө камалуу. Ал арманын айтып ыйлап отурат. Ушул учурда Калдык — А. Жанкорозова кирет. Ал Чынардын катуу кайгыланып отурганын көрүп, жойпуланып бал тилге салат. «Садагаң болоюн Чынар, дагы эле капаланып жатасыңбы? Бектер келгенде көп кыйыктанбай ак никеге көнгүн.

Кыз жыргаар жерине ыйлап барат деген ошол. Мен дагы Ашымга чыкканда, шолоктоп ыйлаганмын. Кудай кызды ошондой кылып жараткан. Ургаачынын ыйы түгөнчү беле» — деп, асты-үстүнө үйрүлүп түшүп, эпилдеп-жепилдеп. Бирок, Чынар: «Чалдын кучагына киргенче жердин кучагына кирем,— деп болбойт. Чынардын чын оюн түшүнгөн мытаам Калдык тез өзгөрөт. Ал жакшы сөз айтып кызды жибите албагандан кийин, аны коркутуп, үркүтмөкчү болот. «Сенин көркүңдү көрүүгө Момуштан сурап алдым беле? Айтканыма көнөсүң, айтканыма көнбөсөң, көзүң агып түшөөр, эрге барбаганда жерге бармак белең, кайра басмачыларга кармата берем» — дейт.

А. Жанкорозова Калдыктын мүнөзүн туура баамдап, эсте каларлыктай ойногон. Ошентип ал ушул ча-

кан гана ролдо өзүнүн артисттик бүткүл жан дүйнөсүн ачып коет.

Мындай оозго алынарлык образдардын ичинен Кыргыз ССРинин эл артисти Капар Медетбеков жараткан Бериктин образы.

Үчүнчү көшөгө. Сахнада Берик дубана пайда болот. Үрөйү суук, колунда шалдыраган таяк, үстүндө самсаалаган кийим. Көзүн аңтарылтып, Чынарды көздөй жулунат: «Ии, алла, шайтан бардай көрүнөт. Я алла, кырк бериште колдой көр, бууракaным келе көр, Жамалканым келе көр».

Залда жандануу пайда болот. Анткени, К. Медетбеков Бериктин ролунда укмуштай чеберчиликти көргөзөт. Анын ар бир кыймылы, сөзү, мимикасы, кудум дубананыкындай болуп ишенимдүү чыгат.

1973-жылы 12-июлда Кыргыз ССРинин эл артисти Капар Медетбеков жөнүндө «Кыргызстан маданияты» газетасы Э. Токтогуловдун көлөмдүү макаласын жарыялады. (Биз макаланы айрым кыскартуулар менен пайдаланабыз).

Капар Медетбеков — 1955-жылы Ташкенттеги театралдык институтту жаңыдан бүтүрүп келген уланкыздар Жалал-Абад театрынын труппасынын негизин түзүп калды. Актерлук оюнунда реализм, сахналык маданият пайда боло баштады. Театрдагы турмуш жаңырды. Эски менен жаңы эриш-аркак болуп, чыгармачылыктагы чырмалышкан түйүндү бирге чече турган болушту. Ошондо эле Капардын артисттик бактысы айкын болуучу: Жевакин («Үйлөнүү» Гоголь), башкарма («Акинай» — Афанасьев), Дөдөн («Курманбек» — Жантөшев), Борбаш («Борбаш» — Абдумомунов), Ашырбай («Ашырбай» — Абдумомунов), Отелло (Отелло — В. Шекспир), Божак («Оптимисттик трагедия» — Вишневский) сыяктуу чоң ролдор ыйгарылды. Анын чыгармачылык коллективдин ара-

сында бат эле этибарга алынып, көрүүчүлөрдүн көңүлүн өзүнө тез бургандыгы мына ушунда болду.

Арадан жылдар өттү, анын артисттик тажрыйбасы артып, өзүнүн сүйгөн стихиясына биротоло сүңгүп кире баштады. Капар чыныгы таланттуу артист катары 1962-жылдан баштап Нарын областтык музыкалуу драма театрынын сахнасынан көрүндү. Ал аз эле убакыттын ичинде бир нече татаал образдарды түзүүгө үлгүрдү.

Автор («Жамийла»—Айтматов), Полковник («Портрет» — Абишев), Эгемберди («Миң кыял» — Жакиев), Болот («Тоо балладасы» — Токтогулов) өңдөнгөн ролдордо адамдын ички дүйнөсүн терең, даана ачып берүүгө жетишип, артисттин жөндөмдүүлүгүн көргөздү. Анын өзүнө гана таандык оригиналдуу таланты ар түрдүү муундагы адамдардын ички дүйнөсүн куюлуштуруп ачып берди. К. Медетбековдун актерлук чеберчилиги бат эле белгилүү болду.

Анын искусствосундагы баалуу сапат — ал замандаштарынын мүнөзүн түзүүдөгү ийгилиги. Капар образдардын ички сезимин да, сырткы турпатын да бири-бирине окшоштурбады. Жооптуу жана татаал мезгилдерди, адамдын ички кайрыктарын көрүүчүлөрдүн көз алдына элестүү кылып тартуулады. Ал ар бир ролду ойногондо түрдүүчө жаңы ыкмаларды, оттенкаларды билгичтик менен таап турду.

Турмуштагы эң башкы нерсе — адамдын эстетикалык улуулугунда жана абийирдин бийик сыйымдуулугунда. Мына ушул асыл ойду артист казак жазуучусу Абишевдин «Портрет» аттуу драмасындагы Полковниктин образында айкын-ачык бере алды.

К. Медетбековдун ар бир каарманы ар түрдүү гармонияда өз өзүнчө аракет кылат. Ооба, анын искусстводогу темасы да ар кыл. Ар түрдүү жанрда. Ал үчүн трагедия да, романтика да, комедия да, сарказм да мүнөздүү. Табийгат ага көп нерсени тартуулаган-

дай. Ажардуу келбет, терең ой, учкул поэзия, күчтүү темперамент анын энчисинде.

Ошондуктан артист бардык жанрда так ойду жана оригиналдуу форманы таба алат.

Садыркул — Абдумомуновдун «Атабектин кызы», К. Медетбековдун түзгөн образдарынын галереясында өзгөчө орунду ээлейт. Автор тарабынан даана жаралган образ артист тарабынан жогорку көркөмдүктө чечилет. Садыркул өзүнүн баасын, күчүнүн эмнеде экенин билет. Эгерде анын көзүнө кылдаттык менен карай турган болсок, карегинин тереңинен буларды байкаар элек: дайыма байкап, акырын, алдыртан билгизбей, этияттанып жүрүү. Анын митаамдыгы менен арамзалыгы күңүрттөнүп чыккан шамдай бүлбүлдөп кийин гана өрткө айланат.

Бул кейипкерди артист дал ушундай ойнойт. Артист комедия жанрында да өзүн көрсөтө алды. Ал Чоробайдын («Нурдуу бермет», Улуг Заде) чукугандай сөз тапкан тажиктин куудул жигитинин образын түзсө, Чокморду («Чокмор» — Жантөшев) кат билбесе да жаңы турмушка умтулган, ач көз байларды мазактап, совет бийлиги үчүн жанын аябаган ак ниет, активист катары ички дүйнөсүн ачып берет.

К. Медетбеков драма адамынын ички дүйнөсүндуховный байлыгын терең түшүнгөн актер.

Театр кийинки жылдары Абдумомуновдун «Ашырбай» драмасын жүзөгө ашырды. Спектаклди койгон театрда көп жылдык режиссуралык тажрыйбасы бар режиссер Рыспек Кемпирбаев. Драманы трактовкалоодо режиссер өзүнчө көркөм ой жүргүзүү менен адам баркын жогору көтөрүү, адилеттүүлүк үчүн болгон күрөшкө үндөгөн асыл идеяны даңазалоону негизги тема кылып алган. Бул тема спектаклдин башынан аягына чейин даана сезилип турат. Бул спектаклде да баш каарман Ашырбайдын ролу Капар Медетбековго ыйгарылган. Ашырбайды койгон театрлардын ийгилиги

ар дайым Ашырбайдын образынын туура чечилишине байланыштуу. Анткени, драмадагы негизги философиялык идея Ашырбайга жүктөлгөн. Пьесада Ашырбай кыргыз жеринде эмгектенип, кара терге баткан мээнеткеч, эл тагдырын ойлоп, адамдык сапат үчүн күрөшкөн эр жүрөк адам. Ашырбайдын башынан өткөргөн оор тагдыры — ошол кездеги кыргыз элинин башынан өткөргөн оор тагдыры. К. Медетбековдун аткаруусунда Ашырбайдын образы романтикалуу—баатырдык планда чечилген көп кырдуу татаал образ. Актердун ойноосу ички психологиялык тереңдикке, ой толгоо, жөнөкөйлүк жана таасирдүүлүктүн табиятына бай. Ашырбайдын чиелешкен көп кырдуу образын түзүүдө Капар турмуштун толкунун күрөш менен терең ойдун ыргагында бере билүүгө жетишкен. Медетбековдун чыгармачылык эргүү менен түзүлгөн бул образы турмуш чындыгына өтө жакын.

Мына, сахнаны тең жарып жаргак шым кийген, атып алган тоо эчкисин мойнуна арта салып, аска боорундагы жол менен этият басып келе жаткан албеттүү адам көрүнөт. Анын тоо ээсиндей сыймыктанып, чекеден тер агызып келе жаткан келбетин көрүп, оюн көрүүчүлөрдүн көз алдында өз эл-жерин сүйгөн баатырдын элеси тартыла калат.

Баштарына түшкөн тагдырдын оор запкысына жакыр турмуштун кыйынчылыгына карабай Ашырбай менен Багдагүл ынтымактуу бирге жашашып, бирибирине жардам көрсөтүүсүн жана бирде кейип, бирде кубануулары нагыз адамгерчиликтин сүйгүнчүктүү жышаанындагы жылуулукту алып келет. Багдагүлдүн аянычтуу образын театрдагы жаш артист Д. Баратбаева көңүл жубатарлык деңгээлде сүрөттөй алган. Анын Багдагүлү назик жандуу, поэтикалуу натура. Артист Багдагүлдү ар кандай оор кыйынчылыктарга чыдамкайлык менен мамиле кылган, ички дүйнөсү тунук аял катары көрсөтөт.

Ашырбайдын Дадыйдын тилин албай, тойго барып сайышка түшпөй койгонун, ал тургай Дадыйдын иниси Шапакка кол көтөргөнү Дадый үчүн өлүмдөн да катуу иш болду. Митаам Дадый эми Ашырбайга кек сактап, өч алуу ишин тымызын жүргүзүүгө бет алат. Таланттуу артист А. Бердибаевдин аткаруусунда Дадый өз максаты үчүн адамдарды жумшак кебез менен муунтуп өлтүргөн куу, кытмыр, митаам, ашкан зулум киши. Өз максатын көтөрүүдө куулугу жандан ашкан Дадый намысына тап кетирип кол тийгизген Ашырбайды жазалап андан өч алыш үчүн ачыкка чыкпайт. Элге өзүн гумандуу, жаткан боорукер, күйүмдүү кылып көрсөтөт. Дадыйдын арамдык үчүн жүргүзүп жаткан бузуку иштерине тарп издеген кузгун сыяктуу Катаган табыпчы (Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти Б. Алиев) жардам кылат. Б. Алиев өз каарманын табигый табылгалар менен байытып, анын ички жана сырткы кыймыл аракетин айкалыштыра билип, өзүнчө бүткөн көркөм образ жараткан.

Дадый мурда Ашырбайдын жалгыз уулуна уу бердирип өлтүргөнү аз келгенсип, эми Багдагүлдү ыштап өлтүртүп, жаман алачыгын өрттөтөт. Мына ушундан тартып Ашырбайдын чыныгы трагедиялык азаптары башталат. Ашырбайдын образынын ички динамикалык өсүш жолунда спектаклдеги Дадыйдын Катаган табыпчы аркылуу Багдагүлдү ыштап өлтүргөндөн кийин Ашырбай Солтобай аттуу инисин азгырып, анысы аз келгенсип Багдагүл доңуздун майын жептир — деп мусулмандардын мүрзөсүнө коюуга тыюу салып, Ашырбай Багдагүлдүн табытын аска-тоо арасына коюп, кокодой башын кучактап олтурган көрүнүш К. Медетбековдун аткаруусунда эң күчтүү кульминациялык көрүнүш. Мына, көшөгөнүн жай ачылышы менен аска-тоонун арасында караңгы түндө жалгыз мүрзөнүн жанында тизелей олтуруп, колу менен топуракты өйдө шилеп жаткан Ашырбай ордунан туруп,

нарыраактан сокудай болгон ташты көтөрүп келип мүрзөнүн төбөсүнө коет. Мүрзөнү телмире тиктеп, ичи туз куйгандай ачышып, нессырайт. Эрдин тиштенип кайрат кылат. Ичтеги буулукkан толкунду кармай албай эчкирип ыйлап бук түшөт. Чөгөлөгөн калыбында ичинен бирдемени кобурап, бата кылат да ордунан турат. Бир азга томсоро түшүп: «Кайда барам?» — дейт. Ашырбайдын жүзүндө айласы кетип кайышып тургандыгы байкалат. Акырындап анын жүзүндө кайраттуулуктун сезими пайда болот. Ал асманды тиктей каарданып, бардык үнү, бардык күч-кубаты менен: «...Айтчы эмесе, кай жерден чекилик кылдым? Жок, сен адилет эмессиң!» — дейт. Ашырбайдын бул сөзүндө бүтүндөй турмушка наалат айтуунун каары сезилет. Ал эми Кулан менен Калыйчадан Багдагүл менен баланын өлүмү Дадый аркылуу болгонун уккан Ашырбай «О, жараткан! Эмне дейт, булар?! Кичинекей кулунум! Багдагүлүм!» — деп мүрзөнү кучактап алып, озондоп ыйлайт. Паузадан кийин башын көтөрүп, денеси зор күч-кубатка толгон Ашырбайдын эки колу карышып, душманына өч алууга бет алат. Ушул көрүнүштөн баштап, Ашырбайдын жан дүйнөсүндө «кудайдын иши», «тагдырдын салганы» өңдүү эски түшүнүк ойрон болот. Трагедиянын бышып жетиккен жери мына ушул көрүнүштө. Образдын эмоциялуулугу, делебени козгогондугу өтө күчтүү.

Өтүп жаткан окуяга терең берилип, өз каарманынын ички дүйнөсүнүн тереңине сүңгүп кирип, ролду толук ишенич менен аткаруунун натыйжасында артисттин оюн көрүүчүлөрдү толкундантып, көңүлдөн кеткис таасирдүү элес калтырат. Медетбеков образдын ички логикасын туура тапкандыктан, каарман ошол доордун атмосферасында, ошол ыргакта, ошол композициялык гармонияда жашап жаткандай болуп сезилет. Образ түзүүдө Медетбеков каармандын монументтүү токтоо мүнөзүнө анын ички аң-сезиминин өсүш

жолуна көбүрөөк аксент берген. Спектаклдин финалында актер Медетбеков образды темперамент жана терең мүнөзүнүн бекемдиги жагынан адамды калтыраткан трагедиялык күчкө чейин көтөрүп чыгат. Анын Ашырбайы кырчындай өмүрүнүн солуп бара жатканына мөгдүрөбөйт. Ал өз элине жаңы заман, азаттык келгенине, жыргалчылыкты өзү көрбөсө да, артында эли көрөрүнө чоң ыраазы болуп көз жумат. Медетбековдун аткаруусунун баалуу жактарынын бири — Ашырбайдын трагедиясын көрсөтүү менен, революция алдындагы социалдык оор турмуштагы бүтүндөй кедей-кембагалдардын тагдырын ачып бергендигинде. Ашырбайдын образы — Медетбековдун чыгармачылык чоң табылгасы.

Кайсы гана театр болбосун өз репертуарын байытууну көздөйт. Сахна искусствосунун дагы бир көз жетпеген мелмилдеген мейкини дүйнөлүк классикалык драмалык чыгармалар болуп саналат. Атактуу Мольевдин «Аргасыздан болгон дарыкер» деген драмасы да Нарын областтык театрдын сахнасынан өтүшү да кубанарлык. Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти Бакирдин Алиев нак башкы каарман дарыкер, Сгонорелдин өзү болуп сахнага ойноп, көрүүчүлөргө көкөйдөн кеткис элести калтырды. Курсагын сылаган дөөпөрөстөрдүн кысымы аркасында аргасыздан дарыкер аталган дыйкан Сгонерелдин өз мезгилинин быкыйын чукуган өткүр өтүмдүү, шайыр тибин Бакирдин дагы да жандуу, жагымдуу түзгөн эле.

1973-жылы ноябрь айында Нарын областтык музыкалуу драма театры Фрунзе шаарынын көрүүчүлөрүнө К. Жапаровдун «Намыскөйлөр», украина драматургу В. Шевченконун «Чалгынчынын тагдыры», В. Шекспирдин «Отелло» спектаклдерин тартуулашты. Бул чыгармалар көрүүчүлөр тарабынан жылуу кабыл алынды. Театрдын алдыңкы артисттеринин чыгарма-

чылыгы жогору бааланып, К. Медетбековго «Кыргыз ССРинин эл артисти», Ж. Шералиевге «Кыргыз ССРинин эл артисти», Т. Жумакаевага «Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти» деген ардактуу наам ыйгарылды. Ал эми театрдын ошондогу башкы режиссеру Медербек Назаралиевге «Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген ишмери» деген наам берилди. Ошентип, театрдын коллективи чоң чыгармачылык олжо менен үйлөрүнө кайтышты.

Фрунзе шаарындагы өтүп жаткан чыгармачыл коллективдин арасында Сагыйпа Чечейбаева да бар эле. Ал өзүнүн сыбызгы үнү менен концерттик аткаруучу катары бул жолу да Фрунзенин көрүүчүлөрүнө аябай жакты.

Чынында эле Сагыйпа сейрек учуроочу табийгый талант. Ал Тянь-Шань районунун Жаңы-Талап колхозунда төрөлүп, ошол жерде өскөн. Мектепте окуп жүргөндө эле «Ох-ой», «Мына минтип», «Бер команда», «Маршалдар» деген ырларды эң сонун аткаруучу. Майрам күндөрүндө кичинекей кара тору кызды колхозчулар кайра-кайра чыгарышып ырдатышчу. Ошону менен өздөрү да ыракат алып калар эле. Чоңойсо чоң артист болот деп болжошчу. Чынында эле элдин божомолу турмушка туура болуп чыкты. Ал азыр Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти. Бирок, өзү артист болом деп эч качан ойлогон эмес. Ал аны баа жеткис бийик нерсе катарында эсептеген, ошончолук ыйык көргөн. Эмичи, анын ысмын республикабызда кимдер гана билбейт, дыйкан да, жумушчу да, малчы да, интеллигент да, окуучу да кыскасы искусствобузду сүйгөндүн баары билет. «Колхоз кечи», «Жайдын бир түнү», «Нарын вальсы», «Геологдун ыры», «Долон», «Жибек чач», «Жаныбарым Гүлсарым» сыяктуу толгон ырлары менен ал ого бетер кыргыз элинин сүймөнчүгүнө айланды.

Сагыйпа жалаң гана ырчылык чеберчилигин улант-

пастан спектаклдерде аткаруучу катары да көрүүчүлөргө таанымал болуп калды. Ал биринчи дебюту катары Гоголдун «Үйлөнүүсүндө» Арина Пантелееванын ролун аткарды. Кийинчерээк «Акинайда» Батыштын, «Жапалак Жатпаста» Седептин, «Сүйбөгөнгө сүйкөнбөдө» Гүлсенемдин, «Алтын кызда» Ажардын, «Боз торгойдо» Аруукенин, «Толкунда» кара келиндин, «Мурдуңа шиште» Жаркындын образдарын эң сонун түзгөн актриса.

Кыргыз драматургиясында комедия жанрынын өсүшү башкаларга караганда артта десек жаңылышпайбыз. Маркумдар К. Жантөшев, Р. Шүкүрбеков, М. Алыбаевдер бул жанрга өзгөчө назар салышып, учурунда көрүүчүлөрдү кубандырган бир топ комедияларды жана кыргыз драматургиясында өз издерин калтырып кетишти. «Чокмор», «Жапалак Жатпасов», «Курорттогу окуя», «Жакшынын шарапаты» жана башка комедиялардын алган окуясы курч тил, күйдүргү сөздөр менен жүзөгө ашып, коомго терс көрүнүштөрдү терең мыскылдаганы, келген көрүүчүлөрдү көңүлкош калтырбай бир чети күлдүрүп, нагыз ыракат бергендиги куду бүгүнкүдөй эсибизде. Кийинки жылдарда көркөм адабияттын бул жанрда драматург Т. Абдумомунов өтө жемиштүү иштөөдө. «Борбаш», «Тар капчыгай», «Жыгылган оогонго күлөт» жана башкалар республикабыздын ар кайсы тарабында ийгилик менен коюлуп кеткен. К. Жантөшевдин «Чокмор» комедиясы да Нарын театрынын репертуарында көпкө жашады.

Кийинки жылдары илбериңки комедия катары Нарын театры жазуучу Кудайберген Жапаровдун «Намыскөйлөр» деген комедиясын жарыкка чыгарды. Алгачкы премьерасын көргөндөн кийин «Намыскөйлөр» комедиясы Нарын театрынын сахнасында гана эмес, жалпы кыргыз драматургиясында алдыңкы чыгармалардан экендигин далилдеп койду. Ал Фрунзеде

өткөн гастролдун убагында шаардын көрүүчүлөрүнө аябай жакты, коомчулук тарабынан жакшы пикирлер айтылды.

Бул биринчиден катышуучуларга талантуу артисттер тандалгандыгы менен белгиленет. Экинчиден маркум Рыспек Кемпирбаев автор менен арбын иштешип, чыгармачыл көп эмгек жумшаган. Үчүнчүдөн, негизги автордун алган тематикасынын бүгүнкү күндүн талабына жооп бергендиги менен баалуу жана кээ бир комедиядагыдай мында катышуучулар көп эмес, бар болгону 8—9 гана адам.

Көшөгө ачылар менен эки карыянын эки коңшунун: Миңбаш, Кырбаштын чатагы менен башталат. Биринчиси малчы, экинчиси багбан. Жемиш багың аралап, отоп-бутап койгон Миңбаштын эчкисин Кырбаш өлтүрүп коёт. Миңбаш эми андан өч алыш үчүн алма түбүнө чоң кетменин көтөрө зыян келтирмекчи. Окуя ушундан өөрчүп олтуруп эки коңшу бири-бирине кирип чыкпай, спектакль бүткөнчө бири-биринин атын угушса эле, асман айдан кетишет. А бирок, Миңбаштын уулу Алмаз (артист К. Жээналиев) Кырбаштын врач кызы Жийде (артистка Ж. Кудашева) бири-бирин сүйүп калышат.

Драматург турмушта сейрек учуроочу бирок, кызыктуу теманы тандап алган. Анын жүзөгө ашырылышы кандай? Кеп мына ушул жагында. Ырасына келгенде муну автор да, режиссер да, ролдогу актерлор да элестүү, ишенимдүү улам окуяны татаалдаштыруу аркылуу көрүүчүлөргө жеткирет. Келечектеги эки куданын мүнөзү бири-бирине карама-каршы турат. Эгерде Миңбаш мүнөзү жагынан жеңил, намыскөй келсе, ал эми Кырбаш кандайдыр бир дөөлөт күткөнсүп оор басырыктуу сыяктанат да, өзүнүн дүр-дүйнөсүнө чиренет. Кырбашты бардык жагынан басынткысы келет. Үй тиричилиги да жаман эмес. Жаңы салынган тамга кирди. Ошол сценаны элестетип көрөлүчү. Кырбаш

Миңбашты мейманга чакырат. Радиоприемникти, телевизорду коюп, Миңбашты таң калтырат. Анан мактана баштайт, бул албетте, комедияга тиешелүү кошумча элементтер. Намыстанган Миңбаш, Шарипа таарынган бойдон чыгып кетишет. Малчы Миңбаш болсо жеңил автомашина сатып алууга, кантсе да Кырбаштын үстүнөн жеңишке ээ болууга аракеттенет. Бирок, анын ак ниет эмгеги ага алып барбайт. Жөнөкөй, жупуну жашоону көздөйт.

Биринчи иретте комедияга актерлор туура тандалган. Айрыкча Миңбаштын ролундагы Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти Бакирдин Алиев окуянын өтүшүнө жараша бирде салмактуу, бирде жеңил ойлуу келип, өзүнүн Миңбашын жакшы түшүнүп, көрүүчүлөргө ишенимдүү да, жандуу да ачып берген. Экинчи көрүнүштөгү Миңбаштын ооруп жаткан сценасын алалычы. Актер мында чыныгы чеберчиликти бардык жактан даңазалап, көрүүчүлөрдүн боорун эзип таштайт. Бирок, ал ойноолор куру кыйкырык, же болбосо сырткы эффектилерге калп эле жасалмалуулукка берилбестен, актердук ички сезимди үнөмдүү жумшоо менен образдын ажарын ачат. Кээде сөз менен берилүүчү көрүнүштөрдү белгилүү актер өң, мимика, кыймыл-аракет аркылуу чебер келтирет да образдардын ачылышына көмөкчү болот.

Же болбосо комедиянын түп нускасында кудасы Кырбаш менен болгон сахнаны алып көрөлүчү. Мында да актер автордун жана режиссердун ойлорун жана көрсөтмөлөрүн туура түшүнгөндүктөн өтө эле куудулдантып жибербестен, токтоолукка өтөт да чөйрөдөгү бардык көрүнүштөргө салмактуу мамиле жасайт. Анын баскан турганы, сүйлөгөнү оор басырыктуу келип, чоң кубанычтын илебин берип турат. Кыргыз ССРинин эл артисти Капар Медетбеков да бул спектаклде актердук талантынын жаңы өзгөчөлүгүн көргөзө алган. Жогоруда айтылгандай Кырбаш мүнөзү жагы-

нан Миңбашка карама-каршы келет. Актер муну бардык жагынан терең түшүнөт да эсте каларлык эң сонун образ түзөт. Мисалга, ошо өз үйүндөгү Миңбашты мейман кылган көрүнүшүн алалычы. Капар — Кырбаш мында жөн гана опурулбастан, ички эмоцияны орду менен пайдаланып, өзүнүн сырткы кебетеси жүрүм туруму жагынан Кырбашты токтоо, азилдүү адам катары сүрөттөйт. Миңбаштын баласы Жекшендин ролундагы артист Б. Аманов да колдон келишинче кейипкердин мүнөзүн ачып бере алган.

Театрдын чыгармачылык коллективи кийинки жылдары жазуучу Медетбек Сейталиевдин «Айлакер колукту» аттуу комедиясын сахналаштырды.

Автор бул чыгармасында азыркы жыргалдуу турмушта айыл жерлеринде али да болсо эски салттардын орун алып жаткандыгын алар жаңыча жашоого аракеттенген жаштарга салакасын тийгизип жаткандыгын, эски салтка каршы жаштардын аёосуз күрөшүн, ичине кир сактабаган айыл адамдарынын шайыр кулк-мүнөзүн мыскылдап көргөзүүнү максат кылып койгон. Муну менен бирге М. Сейталиев комедиясында турмуштан жолун таппай, ата-энесинин тапканына чиренген, өзү бүгүнкү турмуштун өкүлү болсо да эски салттан чыга албай жүргөн жаш шофер Жанчар өңдүүлөрдү кедергилер катары айыбын ачат. Сахнага чыккан жаңы комедиянын негизги идеясы мына ушундай. Ал эми окуяны башынан аягына чейин турмуштагыдай алып барууга, андагы каармандардын образын көрүүчүлөргө талаптагыдай жеткирүүдө театрдын чыгармачыл коллективдери бир топ аракеттерди жасаган. Комедияда айылдын адамдарынын бири-бири менен мамилеси, карылар, алар менен жаштардын ортосундагы ынтымакташтык, келишпөөчүлүк — түшүнбөстүктөр көрсөтүлгөн.

Окуянын көпчүлүгү айылдык медпунктта өтөт. Борборубуздагы медициналык институтту жаңыдан

бүтүрүп, эмгек жолун жаңы ошол айылдан баштаган Четин (артист Н. Турсунбаев) өзүнүн жакшынакай жүрүш-турушу, сылыктыгы менен эл кадырлоосуна ээ болот. Четин ушул айылдагы Бектур карыянын (артист А. Дүйшеев) кызы Гүлжанды (артистка М. Дүйшекеева) жактырып калат. Бектур карыя бул айылдагы аттуу, баштуу аксакалдардан. Ал кары болсо да, жаңы турмушка жакшы түшүнгөн, жаштардын насаатчысы катары роль ойнойт. Ал эми Гүлжан айылдагы шайыр, ачык-айрым, акылдуу кыз катары сүрөттөлөт. Ал Токмок шаарындагы маданий агартуу окуу жайында сырттан окуп, айылда китепканачы болуп иштейт. Ошентип Гүлжан менен Четиндин сүйүүсү күндөн-күнгө күч алып, жакын аранын ичинде үйлөнүүгө да макулдашат. Алардын мындай максаттарына эскини ээрчиген башка бир айылдык Дөөлөс аттуу карыянын (артист Э. Сатаров) уулу Жанчар (артист Ш. Мытышев) кедерги болот. Гүлжан бир күнү китепканачылардын райондук кеңешмесине бармакчы болуп, Четинге кеп салат. Ошол кезде Жанчар медпунктка келип, райондун борборуна барарын, машинасынын дөңгөлөгү жарылып калып кеталбай жаткандыгын Четинге айтып жардамдашуусун өтүнөт. Ичинде кири жок, Четин ага жардам берип, Гүлжанды аларга кошуп, райондун борборуна жиберет. Окуя мына ушул жерден чиелене баштайт. Жанчар Гүлжанды районго жеткирбей үйүнө ала качып олтургузуп коет. Канчалык аракет кылса да убагында жардамга келген адам жок болгондуктан кыз айласыздан олтуруп, амал менен кетүүнү ойлойт. Көрүүчүлөр бул жерден да жаңы турмуштун талабына карама-каршы келген образды көрө алышат. Ал, Жанчардын ач көз, дүнүйөкор энеси Салкын (артист Ч. Балтабаева) дүнүйө, байлык дегенде жан талашкан адам. Ошентип кыз өзүнүн айлакерлиги менен баланын ата-энесин алдап, аларды «ачуу басарга», кат жазып туруп сүй-

гөнү Четинге жиберет. Четин да аларды акылдуулук менен кабыл алып, кызды алып келүүгө аракет жасайт. Акыры айлындагы түшүнүктүү адамдардын Челпек (Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти С. Андабеков), Таты (Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти С. Жумакаева) өңдүүлөрдүн жардамдары аркылуу эски салттан ажырабай жүрүшкөндөрдү шылдыңдап, мыскылдап туруп кызды куткарып калышат. Комедиядагы мына ушундай окуяны М. Сейталиев бири-бирине айкалыштырып, жатык куйкумдуу, күлкүлүү сөздөр менен табына келтире алган. Айыл турмушун турмуштагыдай берүүгө көп далалат жасап, чыгармачыл максатына жеткен, бирок, чыгарманын тагдыры сахнага чыккандан кийин актерлордо болот эмеспи. Алар ар бир образдарды жеткиликтүү автордун көрсөткөнүндөй алып чыгуу, албетте, көп түйшүктөнүүнү, изденүүнү талап кылат. Комедиянын башкы каарманы Гүлжандын ролун аткарган М. Дүйшекеева өзүнүн сахнага биринчи жолу чыгып жатканына карабастан башкы каармандын кулк-мүнөзүн ачууда көп аракеттерди жасаган. Автордун, режиссердун Гүлжан аркылуу берилүүчү оюн, аракетин ал окуянын башынан аягына чейин талаптагыдай алып барууга бир топ эмгектенгени көрүнүп турат. М. Дүйшекеева Гүлжандын шайырлыгын, ачык айрымдыгын, акылдуулугун, айлакерлигин, сүйүүгө туруктуулугун элге дал мына ушундай жеткире алган. Бирок, ал өзүнүн кейипкеринин образын бардык жагынан эле так ачып берди дегенден алыспыз. Анда тажрыйба аз эле.

«Айлакер колуктунун» окуяларын өөрчүтүп, чиелентип, анын ийгиликтүү чечилишине көмөктөш болгон көптөгөн каармандар да бар.

Айталык, Бектур, Сыятай (артист Б. Асанкожоева), Челпек, Таты, Жанчар, Базаркул (артист Б. Бердибаев), Күкү (артист Ш. Тыналиева) жана балалуу аял (артист Ш. Абдыракманова) булар өз ролдоруна

жоопкердик менен мамиле жасашып, комедиянын ийгиликтүү коюлушуна чоң жардам берген. Айрыкча айылдык аксакалдардын эң жакшы сапатын алып жүргөн карапайым, ичинде кири жок, ак көңүл, ачык-айрым, коолдогон Челпектин ролун аткарган Сейитказы Андабеков көрүүчүлөргө жакшы пикир калтырды. Бул спектаклди мурдагы башкы режиссеру Медербек Назаралиев сахналаштырган. Албетте, «Айлакер колуктуда» драматург тарабынан кеткен иши кылып күлдүрүү жагдайлары режиссер тарабынан орунсуз «тереңдетилгендигин» белгилеп кетүү орундуу. Бүткүл өмүрүн талантын, жумшап, элдин жүрөгүнөн терең орун алып, кадыр-баркка, сүймөнчүлүккө ээ болгон талантуу адамдардын эмгеги эч эскирбей да унутулбайт. Ошондой адамдардын бири СССРдин эл артисти, мамлекеттик сыйлыктын эки жолку лауреаты, азербайжан элинин атактуу композитору Узейир Гажибековдун 90 жашка чыкканына байланыштуу «Аршинмал-алан» лирикалык музыкалуу комедиясы театрдын сахнасынан жарык көрүшү, биздин элибиздин бир туугандыгы жана анын бузулбастыгынын, ошондой эле элди интернационалдык духта тарбиялоодогу репертуардык саясатынын туура багыты болуп саналат.

Автордун чыгармасы 1913-жылы жазылып, 1947-жылы кино болуп тартылган. 1948-жылы мамлекеттик сыйлыкка татыктуу болгон. Автор бул чыгармада чыгыш элдеринин эски салт-санаасына, үрп-адатына сокку уруп, ачык сүйүүнү даңазалайт. Чыгыш элдеринин башынан музыка жандуу ырга, бийге, азил тамаша сөздөргө шыктуу келгендиктен бул спектакль адамдардын сезимин ойготуучу ыр, бий, музыкага жык толгон. Театр музыкалуу театр деп аталганы менен мындай музыкалуу комедия, классикалык чоң чыгарманы театрда жүзөгө ашыруу оңой-олтоң эле боло койгон жок. Себеби, театрда оркестр жана анын аспап-

тары, аларды ойноочу профессионал музыканттар али толук эмес. Ошол жагдайга карабастан чыгармачылык коллектив музыкалуу театр деген атты актоого көп аракет жасашат. Натыйжада, анын музыкалык ачкычын таап ишке ашырды.

Көшөгө ачылганда эле коздолуп жасалган бай келишимдүү жаш соодагер көпөс жигит Аскер мырзанын короо жайы көзгө урунат. Аскер (артист К. Карагулов) атасынан калган мурастарын бүт ээлеп, ашкан бай, атак-даңкка ээ болсо да ага бир нерсе жетишпегенсип, жүрөгүн өйүйт, куса болот. Ал махабаттын алоолонгон оту эле. Бирок, Аскер көздөгөн максатына жетүүнүн жолун издеп, муңдуу назик обону менен сүйүүнүн ички сезимин баса көрсөтүп, санаа тартып турган кезде, досу Сулайман (артист Н. Калыйбеков) кирет да окуяга түшүнгөн соң кеңеш берет: «Сен кездеме сатуучу болуп, атыңды өзгөртүп, кубулуп кийин да көчөгө чык. «Аршин-мал-алан, аршин-мал-алан» — деп материалды сата башта. Сенин кездемелериңди көрүүгө кыз-келиндер келе баштайт. Анан сен алардын ичинен өзүңө ылайыктуу колукту таап аласың» — дейт. Буга макул болот да түрдүү атлас, шайыларды көтөрүп жүрүп, даңкы таш жарган, бирок эскиликтен башы чыкпаган сараң, карылыгы жеткен картаң бойдок Султанбектин (артист Д. Сариев) короосуна туш келет. «Аршин малчынын» үнүн уккан кыз-келиндер тегеректеп курчап калышат. Ушул учурда Аршин — малчыга «махабатка бук болуп, муңайым тарткан: өз теңин таппай адашып, кайгыда жүргөн» жаш сулуу кыз Гүлчахра (артист Г. Абдырахманова) көрүнөт. Ал Султанбектин кызы эле. Аскер 50 гө жетпей жесир калган, шайыр таежеси Жаханды (артистка М. Ибраева) Султанбекке жуучуга жиберет. «Мен таежемди берейин, сен мага кызыңды бер. Экөөбүз кайчы куда болобуз»,— деп да айтат. Бирок, Султанбек: «Көчөдө кездеме сатып жүргөн соо-

дагерге кызымды бербейм, таежеңди албайм» деп кууп жиберет. Ошол жерден ак сөөк, аристократ, сөздү таамай сүйлөгөн Сулайман айла-амал таап, бектин башын айландырып жатса, Султанбектин жээни Ася (артист Д. Баратбаева) ага ашык болуп, сүйүп калат. Ал эми Аскердин малайы Велли (артист А. Ибраев) менен Султанбектин үй кызматчысы Теллинин (артист Ш. Абдрахманова) ортосундагы сүйүү ары кызыктуу да, күлкүлүү да баяндалган. Ошентип, комедияга жалаң сүйүүнүн айланасындагы окуялар элге тартууланган. Аршин-мал-аланга жогоруда айтылган окуялардын жагдайынан көрүнүп тургандай кара сөз азыраак берилип, көпчүлүгү ыр, ария, музыкалык пародиялар.

Чыгарманын негизги каарманы болгон Аскердин ролун аткарган артист К. Карагулов, Гүлчахранын ролун аткарган артист Г. Абдрахманова көп изденип, жүрөгү жарып чыккан назиктикти, жаштык учкул кыялын табууда жакшы аракет жасашып, лирикалык каармандардын образдарын көрүүчүлөргө таасирдүү жеткире алган десек жаңылышпайбыз.

Комедияны сахналаштырган режиссер Р. Кемпирбаевдин эмгеги зор. Бул жолу да Р. Кемпирбаев классикалык чыгарма болгон «Аршин-мал-аланды» жанрдык бөтөнчөлүгүнө (комедиялуулугуна) жараша ачык, даана сахнага алып чыгып, каармандардын ички дүйнөсүн ачууга көп көңүл бурган. Ал эми сахнаны артисттердин ойноосуна ыңгайлуу, элдин купулуна толгондой жасалгалоого, сүрөтчү Асейин Абдраев да көп эмгектенип, режиссердун ийгилигине көмөкчү болгон.

Кийинки жылдары Нарын облаcттык М. Рыскулов атындагы бул театрдын сахнасында дагы бир ийгилик жаралды. Театрдын чыгармачылык коллективи Лениндик жана Мамлекеттик сыйлыктардын лауреаты, орустун белгилүү жазуучусу Сергей Михалковдун

«Кымбат бала» аттуу эки бөлүмдүү, жети сүрөттүү комедия памфлетин көрүүчүлөргө тартуулады. Албетте, белгилүү жазуучунун чыгармасын театрдын сахнасына алып чыгуу коллективден чоң чыгармачылыкты талап кылды. Бул чыгарма ушул убакка чейин республикабыздын бир дагы театрында коюла элек болучу.

Бул чыгармада окуя Америкалык турмушту баяндайт. Американын Колифорния шаарында жашаган иттерге баалуу консерва жасоочу чоң фирманын ээси Ричард Роб-Ропсондун уулу Жоржду (12 жашта) америкадагы атайын уюшулган алдамчылар тобу уурдап кетмекчи болгондо, атасы уулун башка шаарга алып барып, багууну туура табат. Ричард баласы экөө түшкөн самолет көздөгөн жерине жетпей орто жолдо бузулуп калат. Алар ал жердеги мейманкананын жыйырма бешинчи кабатындагы 2027-бөлмөдөн орун алышат. Ушул эле мейманканага аталган бөлмөнүн катарына америкадагы советтик дипломаттын уулу Жора Тимохин да конгон болот. Ал атасы менен Америкада каникул убагында жүрүп, кайра өз жерине кетип бара жаткан. Советтик Жора англис тилин абдан жакшы билет. Окуя мына ушул жерден чиеленишип, эки бала капыстан фоэден жолугушуп калышат.

Ал экөө таанышып, Жоржлун бөлмөсүндө сүйлөшүп олтурушат. Америкалык бала Жорага сок алып берүү үчүн сыртка чуркап чыгып кеткенде, аңдып жүргөн алдамчылардын эки жигити таанybастыктан советтик баланы уурдап кетишет. Бир аздан кийин ошол эле алдамчылардын эки жигити Жоржду да уурдап кетишет. Уурдалган балдар алдамчылардын башчысы Мак-Доннелге жеткирилет. Бул каракчылардын максаты америкадагы байлардын балдарын уурдап, өздөрүнүн аты-жөнүн билдирбей беш жүз миң доллардан кем эмес акча берүүлөрүн талап кылышат. Качан

гана ал сумманы алышканда балдарын болжогон жерге жеткирип коюшмак.

Мак-Доннел Жорждун атасынан беш жүз миң долларды өндүрүп алыштын нечен айласын издейт. Бирок, эки баланын тыңдыгынан, экөөнүн ынтымактуу аракетинин натыйжасында Мак-Доннел акча алмак тургай, советтик дипломаттын — Кондрашиндин аракети менен кылмышынын бети ачылат. Бул чыгарманын кыскача мазмуну.

Автор бул чыгармасы менен америкалык турмушту баяндап, ал жакта адамдан доллар артык турат деген негизги идеяны берген. Ошону менен бирге эле биздин советтик дипломат Кондрашиндин жана советтик пионер Жоранын образдары аркылуу адам эч качан акчага сатылбаш керек деген идея берилген.

Чыгармадагы эң негизги каармандардын бири Мак-Доннел анын болгон кесиби — балдар оюнчугун сатуучу «Микки-Маус» дүкөнүнүн ээси. Бирок, эч кимге шегин билдирбеген алдамчылар тобунун башчысы дал ушул адам. Бул роль Кыргыз ССРинин эл артисти Капар Медетбековго ыйгарылган.

Такшалган актер Медетбеков сахнага чыга бергенде америкалык жылма митаамдын элесин ээрчите келет. Ал өзүнүн жигиттерине бизде бирде жылан, бирде жолборс болот. Тууганынан акчаны артык көрүп, өзүнө ар дайым жардамдаш болгон Макинтошту илеби менен соруп, кайра бүрктү. Уурдалып келген Жорж менен Жорага кадим эле атасындай мамиле жасады. Ал эми полициянын комиссары СЭКтин алдында тим эле мышык боло калды. Уурдалган бала үчүн акча албай кала турганын сезгенде акча көз алдына элестеп эси ооду. Бул образ аркылуу актер капиталисттик өлкөлөрдө акча эмне экенин ачып берип, көрүүчүлөрдүн бүткөн боюн калчылдатты. Америкалык мындай каракчынын образын ченемсиз чебердик

менен аткарган Капар Медетбековго көрүүчүлөр дагы бир жолу таң калды.

Чыгарманын комедия памфлет деп аталышы Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти Бакирдин Алиевдин аткаруусундагы ролго негизинен таандык болуп чечилген десек жаңылышпайбыз. Алиевге Роб-Ронсондун жакын тууганы Макинтоштун образын ачып берүү милдеттендирилген. Макинтош тууганына баласын башка жакка катып калууга жардамдашуунун ордуна акча үчүн аны алдамчылардын колуна салып берет. Ал алдамчылардын тобуна келгенде кудум эле ошол жердин ээси сыяктуу көрүнөт. Бул көрүнүш өзүнчө эле күлкү. Анын комедиялык жүрүш турушу көрүүчүлөрдү күлкүгө бөлөдү.

Кымбат баланы сахнага алып чыгууда өзүлөрүнө тиешелүү ролдорду жеткиликтүү аткарышкан артисттер Б. Сариевдин, А. Абдылдаевдин, А. Ибраевдин жана Э. Сатаровдун да кошкон салымдары чоң. Ошондой эле сахнаны ар бир окуяга байланыштуу жасалгалоого сүрөтчү С. Тобоевдин чыгармачылык менен эмгектенгени байкалат.

Республикабыздын театрларынын ичинен Нарында биринчи жолу сахнага коюуда бел байлаган жаш режиссер Бектен Абдылдаевдин далалаты кийинки кезде көркөм деңгели жогору, актерлордун чыгармачылык жаңы мүмкүнчүлүктөрүн ачкан спектаклдин жаралышына мүмкүнчүлүк түзгөн.

Бул жылдары театр сахнасында ондогон улуттук жана котормо пьесалар коюлду. Албетте, сан жагынан арбын болгону менен сапат жагына келгенде алардын бир азы гана театр тарыхында өз изин калтырып, театр күйөрмандарына айрым өкүнтө турган абалга туш болду. Ошондуктан айрым спектаклдер көпкө жай албай түшүп калды. Мунун башкы себеби, кээ бир пьесалардын экинчи жагынан театр замандаштарыбыздын жүзүн толук чагылдырган мезгилге үндөш,

көркөм спектаклдерди чыгара албагандыгында болду. Ошентсе да, нагыз драмалык спектакль катары каралган Т. Абдумомуновдун «Абийир кечирбейт» театрдын кийинки кездеги ийгилиги болуп саналат.

...Күүгүм. Тоо баштарында булуттар көчүп, ызгаардуу шамал жол боюндагы жалгыз дарактын жылаңач бутактарын сабалайт. Пальтосунун жакасын көтөрүп, даракка сүйөнгөн Нурдин алыс бир жакты тиктеп ойлуу. Андан обочороокто карыя. Аңгыча карыя:

— Кечирип кой, уулум... Кайдагы болбогон суроону берип, көңүлүңдү кирдетип алдым окшойт — дейт. Мына, ушул мааниси туюк айтылган чакан сөз бара-бара драмалык повесттин ачкычы сымак, окуяны узартат. Окуя адегенде ушинтип жай башталганы менен биринчи эле көрүнүштө таасирдүүлүгү акырындап күч алат. Нурдин менен Шайыргүлдүн тунук сүйүүсү бүгүн той менен ырасталат. Бирок, Нияздын жүзү каралыгынан Нурдиндин досу Масадык менен Шайыргүлдүн жашыруун байланышы бар экендигине «көзү жетет». Той кайгылуу трагедияга айланат. Нурдин түрмөгө түшөт, бошонуп келген соң гана бузукулардын бети ачылып, Нурдин өз абийиринин алдында жоопко тартылат. Спектаклди коюуда Б. Ибраевдин режиссёрдук табылгаларына шайкеш келген сүрөтчү. Г. Аяновдун, музыкалаштырган Ж. Шералиевдин эмгектери зор. Ниязга алданып, сезимге жеңдирген Нурдиндин ролун аткарган артист А. Дүйшеев автордун оюн туура түшүнүп, толук кандуу образ жарата алды. Ал адегенде ушунчалык бактылуу, сүйүүгө карк жигиттин, андан кийин акылына эрк бербей алданып, кайгыга баткан бир бечара адамдын элесин сахнада туура чагылдырды.

Мына, Нурдин — А. Дүйшеев Шайыргүлдүн үйүнө келди. Шайыргүлдүн эмки жары нары бактылуу, нары акылдуу да, ал Нурдинге караганда адамдык

сапаты кере карыш өйдөдөй көрүндү. Шайыргүлдүн сүйүүсүнө күмөн санап жүргөн Нурдин бактылуу үй-бүлө баласына Нурдин деген ысым бергенин билгенде анын жүрөгү кабынан чыгып кете жаздап, ою сапырылып, өзүн коерго жер таппай калды. Эми гана Шайыргүлдүн чыныгы туюк махабатын сезди. Бирок, кеч болуп калды. Артист дал ушул эпизодду турмуштун так өзүндөй кылып жасалмасыз ойногондуктан, көрүүчү бир жагынан Нурдинди аяп да кетет. Шайыргүл О. Эркинбаева сүйүүгө бек жазгы гүлдөй жаркыраган жайдары кыз. Кийин Нурдиндин сокур сезим менен акылдуу адам жасабай турган кылык-жоругунан улам токтоо тартты. Турмуш, жашоо законуна баш ийип, турмушка чыкты. Бирок, ал эң туңгуч, таза, ууз сүйүүсү Нурдинди унута албай, анын атын тумар катары өз баласына ыйгарды. Ал эми Белек Портнойдун ролундагы артист Б. Алиев өзүнүн кейипкеринин образын туура баамдап, толук кандуу кылып жарата алгандыктан, анын ар бир сөзү, кыймылы залга күлкү алып келди. Нияздын ролундагы А. Абдыласов, Сейиттин ролундагы К. Медетбеков, Омордун ролундагы Т. Мамбетов, Масадыктын эжесинин ролундагы Б. Асанкожоевалар чыгарманын идеялык көркөмдүк жагын төкпөй-чачпай көрүүчүлөргө жеткире алды.

Режиссер Б. Ибраевдин туура трактовкасынын натыйжасында спектаклдеги артисттер образдардын бир бүтүн галереясын түзүүгө жетишкен. Алардын оюнундагы ички динамизмдин чындыгы, ансамблдуулук өскөн чеберчиликтин күбөсү сымал даана сезилет. Бул сыяктуу этаптуу чыгармалардын пайда болушуна албетте буга чейинки репертуардык тажрыйба түрткү болду. Өзгөчө театрда В. Вишневскийдин «Оптимисттик трагедиясынын» («Бакыт курманы») коюлушу революциялык темадагы мындай татаал спектакль улуттук театрдын сыймыгы катары бааланды. Демек,

театр жергиликтүү авторлордун чыгармаларын гана койбостон, котормо пьесаларды өзгөчө орустун классикалык пьесаларын коюу маселесине да көп көңүл бурган. Анткени, жалпы эле кыргыз сахнасында репертуарды байытуу жана актерлордун чеберчилигин арттыруунун бир жолу котормо пьесаларды коюудан башталгандыгы талашсыз нерсе. Бул маселенин бир гана жагы болсо, экинчи жагынан совет драматургиясынын классикалык үлгүдөгү пьесаларын коюу аркылуу драма театры интернационалдык тарбияны күчөтмөкчү.

Ошентип, В. Вишневскийдин «Оптимисттик трагедия». (Бакыт курманы») пьесасын көрүүчүлөргө жеткирүүдө режиссер баш болгон чыгармачылык зор топ аябай эмгектеништи. Натыйжада граждандык согуштун романтикасынын фонунда, автордун ойлогонундай партиянын гимнин, сахнадан туура көргөзө алышты.

Спектаклди көрүп олтуруп, мындай бир ойго келесиң: «Турмуш-катаал, а күрөш райымсыз. Адамдар улуу максаттар үчүн өмүрлөрүн кыйышат, ал үчүн бардыгына даяр. Трагедиядагы баатырлардын курман болушу — ал, демек, алардын түбөлүк өлбөй биз менен, биздин небере, чөбөрөлөр менен жашап калышы. Революциянын адамы кудайдын авторитетин аттап өтүп, тарыхтын барагын өзгөртөт. Бүткүл жаштыгын, а турмак жашоосун кыйып, өз элинин өмүрү, бүткүл адамзаттын келечеги үчүн курмандыкка барат». Ооба, режиссер Б. Ибраевдин максаты, идеясы спектаклдин көркөм чечимдери актерлор таланты менен түшүнүктөрүнө байланыштуу экенин эске алганда, режиссер бүтүндөй чыгармачылык назарын, оюн, чеберчилигин орду менен жумшай алган. Анын чечиминде трагедиянын кейипкерлери, (алып баруучулар) көрүүчүлөргө сыр агытып, алар менен аңгемелешип кирет. Чыгарманын курулушу боюнча дал ушундай өзгөчөлүккө режиссер да басым жасап иштеген. Демек, ошондон

улам В. Вишневскийдин пьесаларына мүнөздүү эркиндикти сактай билген... Мына, кемеде матростор. Кээлери сүйлөшүп, кээ бири ырдап олтурушат. Аңгыча Балтика флотунун биринчи матросу Алексей Чурак кирет да: «Комиссар аял келди» — деп билдирет. Матростор таң калып, бири-бирине эле карашат: «Аял дейби? Ал эмне болгон аял экен?» Эмне кылаарын билишпей жалдырап турган эркектердин тобуна аял басып келет да вожакка кагаз сунат. Вожак: «Сиз бизге комиссар болуп келдиңизби?.. Сиз социал-демократсызбы, большевиксизби?» — деп суроо таштайт. Комиссар: «большевикмин» деп жооп берет. «Мейли, бирге жашап көрөлү». — Вожак текебер сүйлөйт. Матростор комиссарды шакаба чекмекчи болот. Жүздөгөн эркектердин арасында жалгыз аял...

Көрүүчүлөр «Эмне болоор экен?» — деп дымый түшүшөт. Мына комиссардын жанына жылаңач матрос чукул келет. «Мунуңар тамаша го» — комиссар шашпайт. «Жок, — бизде тамаша болбойт.» Тиги матрос кол салмакчы болот. — «Бизде да тамаша болбойт!» — комиссардын тапанчасынын огу тигини жер сулатат. Комиссар каардуу: «Кана, дагы ким комиссар менен кумар жазгысы келет? Сенби? Сенби?» Матростор сестейип унчугушпайт. Эми Комиссар өзүн өзү токтотуп, жүрөгүн баскандан кийин, андай болсо койгула, мен оору сыркоосуз кадимки эле аялмын, керек болгондо эркекти өзүм таап алам,— деп баарына угуза айтат. Бул сөз тургандардын баарын биротоло дапдаарытып, Комиссардын буйругуна моюн сунууга аргасыз кылат. Ошентип, Комиссар матростордун алдында өзүн гана сактап калбастан, бүтүндөй партиянын, элдин ишеничин сактап калат. Комиссардын ролундагы артист Т. Жумакаева «Кимди-ким?» — деп тирешип турган ушул эпизодду ушунчалык таасирдүүлүк менен ойногондуктан, жалаң гана матростор эмес залда олтургандар да аргасыздан ага баш ий-

ишип, спектакль аяктаганча дем тартпай олтурушат.

Ооба, актрисанын эркин сүйлөшү, кыймылындагы чыйрактык, мимика Комиссардын көңүл күүсү шайкеш чыгат. Мына, экинчи актынын аягы. «Анархисттердин жардамга жиберген кишилери келатат»,— деген үн угулат. Кыжы-кужу, ызы-чуу түшкөн матростордун жаңы тобу келип кирет. Асынган куралдарында тартип жок. Биринчи сөзүн экинчиси укпай, кыжы-кужу. «Түздөнгүлө!» — деп буйрук берген Боцмандын үнүн угуп, тигилер унчукпай туруп калышат. Алардын жанына Комиссар келет. «Саламатсыңарбы, жолдоштор!» — тургандар иретсиз жооп беришет. «Дагы бир жолу, үйрөнүп алгыла. Саламатсыңарбы, жолдоштор!» — жооп бир добуштан чыкпайт.

Комиссар кайрадан үнүн көтөрүп катуу, сүрдүү кыйкырат: Тургандар сестенишип, паузадан кийин: «Саламатчылык, жолдош Комиссар!» — деп бир үндөн жооп кайтарышат. Комиссар Т. Жумакаева чечкиндүү: «Регулярдуу кызыл армиянын биринчи деңиз полкуна келип кошулганыңар менен куттуктаймын!» — дейт. Тургандар биротоло Комиссарга моюн сунуп: «Эмгекчи элге кызмат кылабыз!» — деп жооп беришет. Артистка Т. Жумакаева Комиссардын ролун өтө сергектик менен түшүнүп ойногондуктан анын каарманынын ажары толук кандуу болуп чыккан. Спектаклдеги дурус чыккан образдардын дагы бири Вожактын образы. Аны Кыргыз ССРинин эл артисти Капар Медетбеков ойнойт. Вожак-Медетбеков сценага чыкканда негедир сахнада жүрүп жаткан чыгарманын көркөмдүк сапаты арта түшкөндөй болот. Ал кудай теңирин таанybaй дөгүрсүнүп жүргөндө, Комиссарга тең ата болуп, ал турмак өз өкүмүн да жүргүзүп, зөөкүр көрүнөт. Бир жолу: «бул жараксыз кагазың эч нерсеге арзыбайт, мен сага өзүмдүн кагазымды жиберем» — деп Комиссарга шарт кое сүйлөйт. Бирок, аны атууга

алып бараткаида корккону нан бүжүрөп, «Акыркы сөз сүйлөөгө уруксат бергиле! Иним Алексей, Алеша!» — деп жалооруйт.

Медетбеков Вожактын бул сыяктуу мүнөзүнө жетик түшүнүп, сахнада ишенимдүү образ түзө билген. Ошондой эле Боцмандын ролундагы Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти С. Көмөчов Фин матросу, коммунист Войнонендин ролундагы Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти Б. Алиевдин, картаң кемпирдин ролунда Кыргыз ССРинин эл артисти А. Жангорозова чыгарманын идеялык мазмунуна терең түшүнүп ойногондуктан спектаклдин көркөмдүк жактан жеткилең чыгышы үчүн шарт түзгөн. «Оптимисттик трагедия» спектаклинин театрда коюулушу тууралуу республикалык «Кыргызстан Маданияты» газетасы минтип жазды: «Бул классикалык чыгарманын алыскы Нарындын сахнасындагы премьерасы күтүлбөгөндөй ийгилик менен өттү. Бул ийгиликти жалаң гана революциялык маанилүү теманы юбилейлик датага карата ылайыктуу тандап алгандыктан деп түшүнүү туура эмес болор эле. Анткени, мындай масштабдуу чоң чыгарманы тандап алууга караганда аны кандайча сапатта сахналаштыруу маселесин чечүү көп кыйынчылыктарга алып келери белгилүү. Ошондуктан бул спектаклди жаратуудагы театр коллективинин үзүрлүү эмгегин театралдык чөйрөнүн азыркы күндөгү кызыгуусуна арзыйт.

Бул спектаклде театр коллективи биринчиден, өзүнүн ансамблдуулукко багыттаган бирдиктүү чыгармачыл коллектив катары көргөзө алса, экинчиден бул спектаклде профессионалдуу режиссуранын максаттуу почерки пайда болгону көрүнүп турат. Театр коллективиндеги калыптана баштаган бул сыяктуу жакшынакай жөрөлгөлөр кыргыз театрынын азыркы учурдагы багытынын жана мүмкүнчүлүгүнүн дагы да кеңейтилгендигине далил боло алат».

Токтогул менен Тоголок Молдо кыргыз элинин классик акындары катары жалпы журтка маалым. Алардын өмүр жолу, чыгармачылыгы терең изилденип, ондогон монографиялар жарык көрдү. Ал эми Токтогул тууралында көркөм фильм тартылып, опера, көп актылуу пьесалар жазылды. Демек, улуу адамдардын өмүрү менен чыгармачылыгы кыргыз эли үчүн жатталуу.

Бирок, ага карабастан жаңыдан эки пьеса жазылды. Б. Жакиев Токтогул жөнүндө« Миң кыял» аттуу пьеса жазса, Ж. Садыков Тоголок Молдо тууралында «Боз торгой» деген пьесаны жаратты. Бирок, окшош тема эки башка планда чечилди. Экөөндө тең улуу адамдардын турмуш жолу жалпы эле кыргыз элинин тагдыры менен байланышта, эриш-аркак планда жазылып, алардын чыгармачылыгы кеңири даңазаланды. Демек, бул экөөнүн тең ийгилиги эмнеде? Алар профессионал драматургдардын калеминен жаралып, жогорку көркөмдүктө жазылып, идеялык философиялык багытынын учурдагы талапка жооп бере ала тургандыгында жана улуу адамдардын образдары ачыктак мазмундуу, терең болуп чыгышында жатат.

Бирок, ал экөөнүн сахналык тагдырлары эки башка. Анткени, экөө тең бир эле театрда, ошол бир эле коллективде коюлганы менен, эң негизгиси коюучу режиссерлору стили, почерки бири-бирине окшобогон эки башка адам. Ошондой болсо да алар Нарын музыкалуу драма театрынын тарыхында этаптуу спектаклдердин катарына кошулары шексиз.

Б. Ибраев койгон «Миң кыял» Токтогулдун ролунда ойногон Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти Б. Алиев менен Бурманын ролундагы Кыргыз ССРинин эл артисткалары А. Жангорозова жана Сатыбалдиевалар эсте каларлык эң сонун образдарды түзө алышкан. Б. Алиевдин Токтогулу — ыр, күүгө маш, таасирлүү. Ал терең ойчул, баамчыл, элдин бакты-таалайы

үчүн күрөшкөн чыныгы патриот катары көрүүчүлөрдүн эсинде калат. Ал эми Р. Кемпирбаев койгон «Боз торгойдо» Байымбеттин ролундагы К. Медетбеков менен Нурдиндин ролундагы артист З. Касымалиев жана Аруукенин ролун аткарган Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисткасы С. Сатылбалдиевалар паразаттуу, толук кандуу образдарды жаратышкан. Байымбеттин жөнөкөйлүгүн, бирок акындык улуулугун К. Медетбеков кеңири полотнодо көргөзө алган. Бул эки спектаклде тең чыгармачылык топ улуу акындар аркылуу кыргыз элинин тарыхын ар тараптан чагылдырып, масштабдуулукка жетишкен. Эки спектаклде тең сүрөтчүлөр С. Тобоев менен А. Абдраевдин байсалдуу эмгектери көрүүчүлөрдүн алкоосуна арзыйт.

Ч. Айтматовдун «Кызыл жоолук жалжалым» аттуу повести боюнча инценировкаланган лирикалык драманын жүзөгө ашырылышы режиссер Б. Ибраевдин чыгармачылык ишиндеги орчундуу окуялардын бири. Ооба, ал бул спектаклди 1966-жылдары эле койсо да, Боробек өзүн, таланттуу режиссер катары көргөзө алды. Айтматовдун кейипкерлери татаал тагдырлуу, ички дүйнөсү бай, бекем мүнөз, принципиалдуу, ошону менен бирге турмуштун дал өзүнөн алынган нукура адамдар. Демек, аны сахнага алып чыгып, дал өзүндөй кылып образ түзүү ар кимдин колунан келе бербейт. Мына бул жагынан алып караганда К. Медетбеков менен А. Дүйшеев (Илияс), Г. Абдрахманова (Асел), К. Атамкулова менен Ж. Баякунова (Кадича), Д. Сариев менен С. Андабеков (Байтемир), А. Жангорозова менен С. Сатыбалдиева (Эне) жана башка артисттер чыгармачылык чыныгы толкундоолорду баштарынан кечиришкен.

Ооба, бул спектаклдин ийгиликтүү чыгышына театрдын коллективи менен режиссердун эмгеги гана эмес, ошону менен бирге чыгарманын көркөмдүк жактан өтө жеткилеңдиги да шарттальп турат. Пьесанын

тилинин чебердиги, өткүрлүгү, кейипкерлерге берилген ар кандай сыпаттардын дааналыгы менен тереңдигине кошул-ташыл сүрөтчү С. Тобоевдин эмгеги спектаклдин көркөмдүк даражасын көтөрүп кеткен. 1971-жылы театрдын башкы режиссеру Б. Ибраев Фрунзедеги академиялык драмалык театрына которулду да, анын ордуна М. Назаралиев барды. Бирок, көркөм жетекчилердин алмашуусу жалпы коллективдин чыгармачылык ишине залал келтире албады. Анткени, М. Назаралиев бир жылдары бул коллективде иштеп кеткени мындай турсун, ал тажрыйбага канык, профессионал режиссер катары көрүүчүлөрдүн сынынан ийгиликтүү өткөн, сырдана көркөм өнөр чеберлеринин бири. Кыргызстан Мамлекеттик Академиялык драма театрында иштеп тургандагы ал койгон бир топ спектаклдер мезгилдин сыноосунан тайгылбай өтүп, узак убакыттардан бери карай сахнада коюлууда. Демек Нарын музыкалуу драма театры бул күндөрү чыгармачылык жаңы толкундоолорду баштарынан кечирди. Режиссер пьесаны коер алдында аны адегенде өзү ийне-жибине чейин изилдеп чыккан соң гана, актерлорго болгон спектаклдин идеялык, көркөмдүк жагын, мизансценаларды, жеке кейипкердин сахналык максатын, анын кыймыл аракеттерин толук талдап бериши да керек, анан иш процессинде аларды жүзөгө ашырууга тийиш.

Ооба, спектаклдин сапаты — режиссерлук ойдун тереңдигинде, учкулдугунда. Ролду ойной турган актёрдун ою менен кыймылына чыгармачылык багыт берип, аны күчтөндүрүп жиберүүсү да режиссерлук ой. Режиссерлук ойдун тереңдигине, айкындыгына жараша актердук кыял ойгонуп, өз кейипкеринин мүнөзүнө байланыштуу актёрдун өз ою туулары бышык. Мына ушул нерсе жүзөгө ашып, режиссер менен актердун ою шайкеш келгенде гана алар бирин-бири толуктап, бирине-бири жалгашып кеткенде гана сахналык чыгарма көркөм-

дүк жактан жеткилең чыгат. Негедир, комедия М. Назаралиевдин сүйгөн жанрларынын бири. Ал ошол себептүү тоолуу крайдын көрүүчүлөрүнө казак элинин комедиясын тартуулап олтурат. «Айман-Шолпан» — советтик казак драматургиясында комедия жанрынын классикалык үлгүсү. Комедиянын бүт турпаты сахнага өтө ыңгайлуу да, кызыктуу. Кейипкерлердин карым-катнаштары казак калкынын кылымдар бою келе жаткан үрп-адаттарынын тамаша көрүнүштөрүнө ширелген. Ал эми ыр, бий, элдин тамаша шыкактарын режиссер М. Назаралиев орундуу пайдаланган, пьесанын ушул өзгөчөлүктөрүнүн толук ачылышынан улам спектакль көңүлдүү да, күлкүлүү да чыккан. Айман менен Шолпандын азем күлкүлөрү көрөрмандардын көңүлүн өздөрүнө эрксиз буруп алат. Айман акылдуу да, сабырлуу, паразаттуу кылыгы менен көзгө түшөт. Анын жүрүм-турумунан, кыял-жоругунан, кыйын кыстоо жагдайларынан оңой эле кутулуп кетүүчү эптүүлүк сезилет. Ал токтоо, бардык ишти акылга эрк берип иштейт. Аймандын ролундагы А. Бейшеева анын мүнөзүндөгү ушундай сапатты киши шүйшүнөрлүктөй, өзүнө тең мүнөзү менен дурус аткарган. Элибекке деген ысык махабатын, адал жар болуу сезимин актриса сымбаттуу көркү менен да, назик караган көз кыйыгы менен да, сыпайы сөзү менен да эркин жеткире алган. Асыресе, Басыбардын токолу Теңге менен сүйлөшкөндөгү анын тапкан айла амалдары киши күлөрлүктөй болсо, ошол эле учурда нары акыл паразаттуулугу менен да көзгө түшөт. Айман Теңгеге алгач өзүнүн Басыбарды унутпай тургандыгын муңдуу да, зарлуу да ыры аркылуу жеткирүүгө аракет кылат.

Көрүүчүлөрдүн Бейшееванын чеберчилигине ыраазы болуусу көбүн эсе ушу эпизоддо даана байкалат. Анткени, бул эң кызык, татаал, кыздардын тагдыры чечиле турган эпизод. Оор абалга туш болгон Аймандын көңүл күүсүн, психологиялык толгонууларын ак-

триса толук ачып бере алган. «Айман-Шолпан» комедиясындагы чытырман окуялардын чок ортосундагы нары күлкүлүү кейипкерлердин бири Басыбар энын Маманга жасаган зордуктары, бир топ улуулугуна ка рабай Айманды алам деп аракеттенгендиги күлкү келтирерлик чыккан. Артист К. Тагаев Басыбардын обра зын кызык да, күлкүлүү да чече билген. Ал Басыбардын өз күчүнө ишенген зөөкүр катары көрсөтпөстөн, кайра анын мүнөз сырларынын көп кырдуулугун берүүнү көздөйт.

Мындай бир эпизодду алалы: үчүнчү актыда Басыбар чатыр ичинде отурган. Айманга махабат сезимин билдирүү үчүн келгенде, Аймандын ордунда өзүнүн токолу Теңге чыкканда, ал канчалык баатырсынып жүрсө да, эси ооп жыгылып барып токтойт. Теңгеге тике карай албай, терс карап олтура калат.

Бул эпизод артист К. Тагаев тарабынан күлкү келерлик деңгээлге чейин жеткен.

Ал эми күлкүлүү окуялардын уюткусу Жарас башкы кейипкерлердин бири. Акылдуу, тапкыч, адамгерчиликтүү, ак ниет Айман менен Шолпанды чалдын чалмасынан куткарып калат.

Жарастын ролундагы С. Андабеков комедияда эң бир кызык ойноп, бүтүн турпаты ролго тап келгендей өзүн сахнада эркин алып жүрөт. Актердун сахнадагы жүрүм-туруму, сүйлөгөн сөздөрү, кейипкер мүнөзүнө ылайыктуу чыккан. Аял кийимин кийинип алып, сызыла сүйлөп, сыпайы жүрүп, Басыбардын көңүлүн жибитемин деп ыйлап-сыктагандыгы эпизод көрүүчүлөрдү кайдыгер калтырбайт.

С. Андабеков сахнага чыкканда көрүүчүлөр күлкүдөн жарылып кете жаздайт. Спектаклдин кайсы гана эпизодун албайлы С. Андабеков өзүнүн шыгын, талантын көрөрмандар алдында далилдей алат.

Арстанды ойногон Т. Кудайбердиев оттой жанган жаш баатырын, Элибекти ойногон Ж. Жунусов сал-

мактуу акылдуу жаш жигиттин образын түзө билген.

Спектаклдин кызыктуу болуп чыгышы театр коллективи менен режиссердун ийгиликтүү эмгеги. Демек, бул театрдын өсүү, изденүү багытынын ачык далили. Албетте, театрдын профессионалдык деңгээлинин, көтөрүлгөн бийиктигин, бүгүнкү ажарын ача турган нерсе репертуары. Жогоруда биз кеп кылып кеткен спектаклдер нарындыктардын бардык чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрүнүн көркөмдүк деңгээлинин жеткен чеги эмес. Ырас, айрым спектаклдерде дале болсо, арсыкбаш эпизоддор, чубалжыган максатсыз окуялар, жасалгалык мүчүлүштөр кездешет. Бирок, кандай гана театр болбосун, анын койгон спектаклдеринин бардыгы тең эле алтын фондуга кире бербеси бышык эмеспи.

Анткени менен нарындыктардын бүгүнкү спектаклдеринен актерлордун чеберчилигин, кайталангыс түзүлгөн образдарды, режиссерлук ойдун тереңдигин, пьесанын идеялык мазмунун толук ачуучу компоненттердин спектаклдин көркөмдүк жактан бир бүтүндүүлүгүн даана көрөбүз. Сөзүбүздү далилдеш үчүн «Чалгынчынын тагдыры» аттуу спектакль тууралуу «Кыргызстан маданияты» газетасына (4-январь, 1973-жыл) жарыяланган К. Жумалиевдин макаласын мисал келтирели: «Нарын музыкалуу драма театрынын отуз үчүнчү сезону СССРдин түзүлгөндүгүнүн 50 жылдык юбилейине тушташ келди. Өздөрүнүн чеберчилиги менен Ала-Тоо аймагына кеңири таанылган коллективдин юбилейге арнап, сахнага чыгарган спектаклдеринин бири боордош украина драматургу В. П. Шевченконун «Чалгынчынын тагдыры» аттуу үч актылуу пьесасы. Пьесадагы фашисттер жырткычтык менен кол салып, Улуу Ата Мекенибизди басып кирген кезде алардын карамагына өткөн шаарлардын бириндеги советтик адамдардын, баарыдан мура оккупацияда кал-

ган аймакта эр жүрөктүүлүк менен иш жүргүзгөн каарман чекисттерибиз тууралуу баяндалат. Чыгармадагы башкы кейипкер Сергей. Ал — Виктор Луговой деген ат менен фашисттердин көңүл ачуучу казиносунда (ресторанда) эстрадалык ырчы катары калат. Анын жолдошторунун бири Андрей. Ал Голуб деген ат менен шаардык полицияга башчылык кылат. Азербайжан жигит Ибрагим ресторанда официанттык милдет аткарат. Чалгынчылар немецтик командованиелердин «Вирут», «Трутен» ж. б. операцияларын кыйратуу максатында гестапого жаш кыз Нинаны (Марта Клейнад) орноштурат. Медициналык кызматкер Оксана Сергейдин көңүлү жакын аял катары Эрмингер башында турган гестапочуларга таасир калтырат. Бирок, оберштурманфюрер Эрлингер, Лорк, Трепколор калаада Сергей аттуу чалгынчынын тобу иш жүргүзүп жатканын аныкташып, аны тез арада жок кылууга кутургандай чамынышат. Бирок, советтик чалгынчылар туруктуулук менен иш жүргүзүшүп, ийгиликтерди бекемдешет.

Ушундай чиеленишкен окуялар сахнада жүзөгө кандайча ашкан. Жүрөктүн күчүн алган музыка ойнолуп, көшөгө ачылганда мас болгон немецтер менен алардын көөнүн ачкан арсыз бийкечтерге толгон ресторанды көрөбүз. Өтө кызып алган Гаутман (артист Э. Сатаров) ортого чыгып, аз күндө Москвада майрамдаша тургандыгын баяндайт. Ичип алган кенже командирлер менен солдаттар фюрерине таазим этишет. Алардын өктөмсүнгөн шаңы, казинонун бир бөлүгүндө белгиленген операцияны тездетүү жөнүндө тост көтөрүп жатышкан оберштруманфюрерлер Эрлингер, Лорк, Трепко (артисттер А. Абдыласов, А. Бердибаев, Б. Алиев) толук бийликке ээ болгондой салабаттуу. Мына ушул үч артист тигил үчөөнүн образдарын түзүүдө ар кандай манерада ойношот. Ошентип, гестапонун адамдарынын кулк-мүнөзүн ачып берүүдө ар-

тисттик бүткүл чеберчиликтерин жумшашат. Өзгөчө Бакирдин Алиев өзүн сахнада эркин сезип, Трепконун образын купулга толорлук ойнойт. Чалгынчылардын бири Нина анын ролун артистка Д. Баратбаева өтө кылдат ойноого жетишкен.

Трепко (Б. Алиев) менен анын ресторандагы сценасын өзгөчө белгилеп кетүү керек. Алар ушунчалык чебер сак, ресторандын официанты Ибрагимдин чакан ролунда Д. Чалапинов советтик чалгынчынын мүнөзүн, эркинин бектигин, кайраттуулугун көз алдыга тартса, Сергейдин өтө сергектигин жаш актер З. Касымалиев жүзөгө дурус ашырган.

Пьесанын негизги оюн төкпөй, чачпай, көркөмдүгүн кемитпей, иштөөдө советтик генерал Павловдун ролундагы Ж. Жунусов, Луизанын ролундагы Т. Жумакаева, Анастасья Федоровнанын ролундагы М. Ибраевалар чоң эмгек кылышкан. Алар түзгөн образ турмушка өтө чукул турат да, көрүүчүнү эч качан кайдыгер кылбайт. Боордош элдин татынакай драмасын сахнага алып чыгууда режиссер Р. Кемпирбаев менен сүрөтчү А. Абдраевдер бир топ ийгиликтүү иштешкендиги даана сезилет. Андабеков Нарын театрынын белдүү артисттеринин бири. Эгерде андан «сиздин артисттик кесибиңиз кайсы мезгилден башталды?» — деп сурап калсаңыз, ал өзүнө гана мүнөздүү жылмаюусу менен: «1937-жылы Нарын областтык өздүк көркөм чыгармачылыгында дипломго ээ болгон мезгилден... Жок, кечирип коюңуз, согуш учурунда армиядагы өздүк көркөм чыгармачылыгында катышкан мезгилден... Сөзүм оозумда, 1946-жылы Тянь-Шань областтык музыкалуу драма театрына кирген мезгилден... Жо-ок, бүгүн кечки спектаклден башталат» — деп тамашага чала жооп берет. Арийне, артисттин бул тамаша сөзүнүн чындыгы бар, анткени, ал профессионал артист болсо да, ар бир күнкү спектаклге, концертке кадимкидей чоң даярдыктан кийин барат.

Сейиткназы адеп театрга келгенде массовкаларга катышуу менен жекече ыр-бийлерди көбүрөөк аткарып жүрдү. Ал эң алгачкы ирет белорус комедиясы «Кечирип коюңузда» Мошкиндин ролун ойноду. (Бул 1948-жылы Нарын театры жабылып, Ысык-Көл драма театрына барганда болду). Сейиткназынын ролу дароо көзгө түштү. Анан ал К. Эшмамбетовдун «Эгиз бала» аттуу пьесасында башкы кейипкер Сапардын ролун ойноду. Ошол жылдардагы Сейиткназынын чыгармачылык купулуна толгон образдардын бири «Курманбек» спектаклиндеги Корун хан, кийинчерээк ошол эле спектаклдеги Аккан болду.

1960-жылы кайрадан Тянь-Шань музыкалуу драма театрына келди да, анда биротоло иштеп калды. Анын чыныгы артисттик көрүнүшү да ушул мезгилде башталды. Ошентип, Сейиткназыга Кыргыз ССРнин эмгек сиңирген артисти деген ардактуу наам ыйгарылды.

Сейиткназы Андабеков Коңурдун («Саринжи» — К. Эшмамбетов), Чаар матростун («Оптимисттик трагедиясы», В. Вишневский), Гуан Сиянын («Ажал ордуна» Ж. Турусбеков), Байтемирдин («Кызыл жоолук жалжалым», Ч. Айтматов), Аккандын («Курманбек», К. Жантөшев), Мадалы Эшендин («Миң кыял», Б. Жакиев), Шүкүрдүн («Боз торгой», Ж. Садыков), Токтордун («Алтын кыз», Ж. Бөкөнбаев) жана башка ондогон ролдордо ийгиликтүү ойноду.

Сейиткназы Андабеков драмалык гана артист эмес, ал эстрадалык элдик чыгармаларды аткаруу менен да калк арасына кеңири белгилүү.

Анын концерттик программасында казак эл ырлары «Айгөлөк», «Кыздар ай», өзбек эл ырлары «Акежан», «Там башында», кыргыздын «Кантың бар», «Ой, тобо», «Беш бармак», «Чекмурат» сыяктуу толуп жаткан элдик жана сатиралык ырлар бар. Ооба, адатта Тянь-Шанды ырдын жери деп калышат. Демек, ант-

кени, ырчы менен обончуларынын шай келишинен улам айтылса керек.

Бүгүн Нарын музыкалуу драма театрында Кыргыз ССРинин эл артисти Жумамүдүн Шералиев баш болгон обончулар: А. Абдыласов, К. Тагаев, маркум К. Досмамбетова, ырчылар: С. Чечейбаева, С. Андабеков, Д. Сариев, Т. Жумакаева, К. Карасартова, К. Курманалиева, комузчулар: Ж. Самаков, А. Дүйшеев жана башкалар концерттик программалардын үстүндө белсемдүү иштешти жана иштешүүдө. Айталы, Канымгүл Досмамбетованын калтырып кеткен обондору, «Замандашыма», «Кызыл өрүк», «Жайлоодо», К. Тагаевдин «Долон», «Эльмира», «Ат-башым», «Нарын вальсы», «Эмгек кызына» сыяктуу ырларын кимдер билбейт. Ал оздон оозго өтүп, ырдалып, концерттик программалардан кеңири орун алган чыгармалардан болуп калды. Элге кеңири белгилүү жогорудагы ырлар Нарын театрында жаралып, биринчи жолу анын сахнасында аткарылып, андан кийин эл арасына тараган.

Ал эми кыргыз искусствосунун өсүп-өнүгүшүнө зор үлүш кошкон Кыргыз ССРинин эл артисти композитор Ж. Шералиевдин чыгармачылык жолу өзүнчө эле дастан десек жаңылышпайбыз. Ж. Шералиев нарындык шайырларды өстүрүүдө көп эмгек жумшады. Ал бүгүнкү күндө да белсемдүү эмгектенип жатат.

Театрдын жогоруда айтылган концерттик чеберлердин аткаруусу менен Нарын областындагы Ак-Сай, Арпа, Кара-Кужур, Орто-Сырт сыяктуу алыскы жайлоолорго барышып, малчыларга дайыма концерт беришип, аларга эстетикалык ырахат жаратышат. Демдерине дем кошот.

Чыгармачылык коллектив үч бригадага бөлүнүшүп, жалаң гана биздин республиканын эмгекчилерин маданий жактан тейлешпестен, ошондой эле бир тууган коңшу Казакстандын, Алма-Ата, Жамбул, Чимкент, Талды-Коргон, Кызыл-Ордо сыяктуу областтарга жыл

сайын барышып, аларды да биздин искусство менен тааныштырып турушат.

Театрдын коллективи жакында жаңы имаратка көчүп киришти. Нарын шаарындагы Ленин көчөсүнүн боюна үч кубаттуу 600 орундуу жаңы театр курулуп, ал ишке берилди. Бул болсо чыгармачылык коллектив үчүн да, көрүүчүлөр үчүн да ыңгайлуу шарт түзүлүп, чынында Нарын шаары маданий борборго айланды.

1977-жылы Нарын областтык М. Рыскулов атындагы музыкалуу драма театрына кырк жыл толду. Кырк жыл ичинде басып өткөн кыйла убакыттан берки анын айрым ийгиликтерине кыскача токтолуп өттүк. Ооба, мындай узак жолдо аны чыныгы чыгармачылык кубанычка бөлөгөн мезгилдер менен түйшүккө салган учурлар көп кездешти. Бирде сахналык өнөрдүн өрүнө чыгып, бирде жылбышып коктусуна түшүү, чаалыкпастан изденүү жолунда келе жаткан чыгармачылык коллективге мүнөздүү нерселердин бири.

Нарын областтык М. Рыскулов атындагы музыкалуу драма театры мындан ары да сахналык өнөрдүн мындан да бийик-бийик белестерине чыга бермекчи.

## НАРЫН ОБЛАСТТЫК М. РЫСКУЛОВ АТЫНДАГЫ МУЗЫКАЛУУ ДРАМА ТЕАТРЫНЫН 1962-ЖЛДАН 1977-ЖЫЛГА ЧЕЙИНКИ РЕПЕРТУАРЫ

| | Чыгарманын аттары | автору | жарыкка чыккан жылдары |
|---|---|---|---|
| 1. | Эми эмне болот | Ж. Садыков | 1962 |
| 2. | Эки мырзанын малайы | К. Гольдони | 1962 |
| 3. | Жүрөк кечирбейт | К. Жайнаков | 1962 |
| 4. | Жыпар атасын күтөт | Ж. Сыдыков | 1963 |
| 5. | Жамийла | Ч. Айтматов | 1963 |
| 6. | Портрет | А. Тажибаев | 1964 |
| 8. | Абийир кечирбейт | Т. Абдумомунов | 1964 |
| 7. | Курманбек | К. Жантошев | 1964 |
| 9. | Бир короонун кишилери | Э. Токтогулов | 1964 |
| 10. | Кызыл жоолук жалжалым | Ч. Айтматов | 1965 |
| 11. | Атабектин кызы | Т. Абдумомунов | 1965 |
| 12. | Шайтан кыз | К. Жантөшев | 1965 |
| 13. | Ким элек | А. Көбөгенов | 1966 |
| 14. | Миң кыял | Б. Жакиев | 1966 |
| 15. | Беш бармак даяр | К. Мухамеджанов | 1966 |
| 16. | Оптимисттик трагедия | В. Вишневский | 1967 |
| 17. | Таш балта ашык | Г. Гулям | 1967 |
| 18. | Тоо балладасы | Э. Токтогулов | 1967 |
| 18 а | Эсеп 0 0. | Г. Бесс | 1967 |
| 19. | Чокмор | К. Жантөшев | 1968 |
| 19 а | Нурдуу Бермет | Улуг-Заде | 1968 |
| 20. | Акыркы жолугушуу | Ж. Тынымсейитова | 1968 |
| 21. | Өмүр жөнүндө баян | С. Шимеев | 1968 |
| 22. | Талаа гүлдөрү | М. Тойбаев | 1969 |
| 23. | Тоолор жана адамдар | П. П. Афанасьев | 1969 |
| 24. | Ленин келет эне | К. Жантөшев | 1969 |
| 25. | Тайгак жол | Ж. Садыков | 1970 |
| 26. | Түпкүрдө | А. Дыйканбаев | 1970 |
| 27. | Айман-шолпан | М. Ауэзов | 1970 |
| 28. | Ажал ордунда | Ж. Турусбеков | 1970 |
| 29. | Жаңырык | Б. Өмүралиев | 1971 |
| 30. | Боз торгой | Ж. Садыков | 1971 |
| 31. | Алтын кыз | Ж. Бөкөнбаев | 1971 |
| 32. | Аста секин колукту | Н. Давлесов | 1971 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 33. | Ай тутулган түндө | М. Карим | 1971 |
| 34. | Чалгынчынын тагдыры | В. Шевченко | 1972 |
| 35. | Токтобек өскөн айылда | А. Тезекбаев | 1972 |
| 36. | Намыскөйлөр | К. Жапаров | 1972 |
| 37. | Отелло | В. Шекспир | 1973 |
| 38. | Ашууда | М. Жумабаев | 1973 |
| 39. | Күнөөсүз күнөөлүүлөр | А. Островский | 1973 |
| 40. | Мурдуңузга шиш | С. Сарыгулов | 1973 |
| 41. | Кара медальон | М. Жакыпов | 1974 |
| 42. | Кайран өзүм | А. Токтакунов | 1974 |
| 43. | Сүйбөгөнгө сүйкөнбө | С. Кожониязов | 1974 |
| 44. | Айлакер колукту | М. Сейталиев | 1975 |
| 45. | Ырдуу күйөө, чырдуу кыз | Ж. Абдыкадыров | 1975 |
| 46. | Ыйык жол | М. Тойбаев | 1975 |
| 47. | Өзүмө да чала | Т. Мухамеджанов | 1975 |
| 48. | Аршин-мал-алан | . . Гаджибеков | 1975 |
| 49. | Ашырбай | Т. Абдумомунов | 1976 |
| 50. | Кымбат бала | С. Михалков | 1976 |
| 51. | Тешкен тоо баяны | Б. Алиев. | 1976 |
| 52. | Ревизор | Н. Гоголь | 1977 |
| 53. | Уят эмеспи | Ш. Садыбакасов | 1977 |
| 54. | Чакмак таштын сыныгы | Ж. Садыков | 1977 |
| 55. | Концерт спектакль | | 1977 |
| 56. | Октябрь таңы. | Э. Токтогулов | 1977 |

## МАЗМУНУ

Кириш сөз . . . . . . . . . . 3
Театрдын басып өткөн жолу . . . . . 5

*Ишенбай Төкөлдөшов*

ЦВЕТЫ В ГОРАХ

О Нарынском музыкально-драматическом театре

(на киргизском языке)

Издательство «Кыргызстан»

Редактор Ж. Алыкулов
Худ. редактор И. Бульба
Тех. редактор Ж. Сооронкулова
Корректор Б. Самиева

ИБ № 526

Теруүгө 20. 03. 1979-ж. берилди. Басууга 11. 06. 1979-ж. кол коюлду. Д—01791. Кагазы типографская № 1. «Мектеп» арибн. Жөнөкөй ыкма менен басылды. форматы 70×108$^1/_{32}$. 2,5+0,25 физ. басма табак. 3,50+0,35 шарттуу басма табак. 3,707 учеттук табак. Тиражы 1000. Заказ № 498. Баасы 15 т.

«Кыргызстан» басмасы 1979

720737. ГСП. Фрунзе шаары, Совет көчөсү, 170.

Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Фрунзе, 5, Жигули көчөсү 102.

15 т.